Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЁТ

## 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча

Ноябрь 2024

Бишкек

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

| | |
|---|---|
| Төрага: | Козубеков А.А. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Алиев Б.К. |
| | Абдраимов Э.Ч. |
| | Абдырахманов М.И. |
| | Карабаева А.М. |
| | Капаркул уулу У. |
| | Мамбеткул кызы А. |
| Жооптуу катчы: | Орозалиев А.О. |



Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде 2012-жылдын 17-августунда каттоодон өтүп, № 1863 күбөлүккө ээ болгон



© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2024
Басылманы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайсы болбосун формада, кандай болбосун каражаттар аркылуу басып чыгарууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басып чыгарууда жана которууда “Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчёт” басылмасына милдеттүү түрдө шилтеме келтирүү зарыл.

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор менен төмөнкү дарекке кайрылууга болот:
Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Финансылык туруктуулукка мониторинг жүргүзүү бөлүмү
телефону: (+996 312) 66-91-67
факс: (+996 312) 61-07-30
электрондук почта: aorozaliev@nbkr.kg

Басылма жылына эки жолу мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде басылып чыгат.

Отчёттогу статистикалык, аналитикалык жана эсептик маалыматтар/баа берүүлөр отчёттук мезгилдин акырына карата абал боюнча келтирилген.

Бул басылмада колдонулган эсепке алуу ыкмалары же мурдагы маалыматтар өзгөрүшү мүмкүндүгүнөн улам, буга чейин жарыяланган маалыматтар да өзгөртүлүшү ыктымал, демек 10 жыл ичиндеги маалыматтарга өзгөртүү киргизилиши мүмкүн.

Сандар тегеректелишинен улам, суммасын эсептөөдө акыркы катардагы эсептерде дал келбестиктер келип чыгышы мүмкүн.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчёту***

Басылма Улуттук банктын өткөн жыл ичинде аткарган иши жөнүндө толук маалымат камтылган отчёту болуп саналат. Отчётто экономиканын реалдуу секторундагы, финансылык жана тышкы секторлордогу өзгөрүүлөргө баа берүүлөр, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндө, банк жана төлөм системалары, банк эмес финансы-кредит уюмдары секторунда кабыл алган чечимдери жана иш-аракеттери тууралуу маалымат, анын ичинде финансылык отчёт, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалымат жана статистикалык тиркемелер камтылат. Басылма мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде басылып чыгат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Басылмада Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалымат камтылат. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт***

Отчёт аркылуу коомчулукка Улуттук банктын инфляциянын негизги факторлору жана Кыргыз Республикасынын тышкы жана ички чөйрөлөрүндө экономикалык жагдайдын өнүгүүсүнө баа берүүлөрдү иликтөөнүн жана болжолдоолордун негизинде акча-кредит саясаты чөйрөсүндө кабыл алынган чечимдери тууралуу маалымат берилет. Улуттук банктын расмий интернет-сайтында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Басылмада тышкы сектордун өнүгүү тенденциялары чагылдырылат жана анда төлөм теңдеми, тышкы соода жүргүзүү, эл аралык камдар, тышкы карыз жана эл аралык инвестициялык позициялар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүүдө колдонулуучу метамаалыматтар жана маалымат базасы камтылат. Чейрек сайын - февраль, июнь, август, ноябрь айларында мамлекеттик, расмий жана англис тилдеринде басылып чыгат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан кабыл алынган жоболор, нускоолор жана башка ченемдик укуктук актылар. Журнал болжолу менен ай ичинде бир жолу мамлекеттик жана расмий тилдерде басылып чыгат.

Улуттук банктын басылмалары бекитилген тизмеге ылайык таркатылат, ошондой эле Улуттук банктын расмий интернет-сайтында www.nbkr.kg/Басылмалар дареги боюнча жайгаштырылат

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ....... **6**
**НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР** ....... **8**
**I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА** ....... **9**
1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер ....... 9
1.2. Финансы секторунун түзүмү ....... 12
1.3. Финансы рынокторунун абалы ....... 14
*1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы ....... 14*
*1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы ....... 16*
1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу ....... 17
**II. БАНК СЕКТОРУ** ....... **23**
2.1. Банк секторун өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары ....... 23
2.2. Банк секторунун тобокелдиктери ....... 26
*2.2.1. Кредиттик тобокелдик ....... 26*
*2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги ....... 31*
*2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги ....... 32*
*2.2.4. Валюта тобокелдиги ....... 33*
*2.2.5. Пайыздык тобокелдик ....... 35*
*2.2.6. “Дуушарлануу” тобокелдиги ....... 36*
*2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик ....... 37*
2.3. Банк секторун “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү ....... 39
*2.3.1. Кредиттик тобокелдикти “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү ....... 39*
*2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигин “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү ....... 40*
*2.3.3. Рыноктук тобокелдиктерди “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү ....... 41*
**III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ** ....... **42**
3.1. Негизги тенденциялар ....... 42
3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын тобокелдиктери ....... 45
3.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдар секторун стресс-тесттен өткөрүү ....... 49
**IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ** ....... **51**
**V. ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ** ....... **54**
**ГЛОССАРИЙ** ....... **56**
**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ** ....... **57**

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчёт Улуттук банк тарабынан 2012-жылдан тартып жарыяланып келет. Отчёттун негизги максаты – коомчулукка республиканын финансы системасынын туруктуулугуна жалпы баа берүү жөнүндө маалымдоо саналат.

Финансылык туруктуулук дегенден улам финансылык тең салмаксыздык жана таасирлер орун алган шартта да финансылык ортомчулук милдетин аткарууга өбөлгө түзгөн финансы мекемелеринин, финансы рынокторунун жана төлөм системаларынын жөнгө салынган жана үзгүлтүксүз ишин түшүнүү зарыл.

Жүргүзүлгөн мониторингдин жана финансылык туруктуулукка талдап-иликтөөлөрдүн жыйынтыктары Улуттук банк акча-кредит саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда жана банк ишин жөнгө салууда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын финансы-кредит уюмдарын өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда эске алынат.

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчёт финансы рыногунун катышуучулары жана финансылык туруктуулук маселелерине кызыгуусун арткан жактар үчүн каралган.

МАЗМУНУ

# КЫСТЫРМАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси ....21

2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүшүнүн банк секторуна тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүү ....22

3-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: кредиттөө ....28

4-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: ири кардарлар ....29

5-кыстырма. Кредиттик жана валюта тобокелдиктери ....34

6-кыстырма. Концентрациялануу индекстеринин негизинде БФКУ секторунун ишине баа берүү ....47

# НЕГИЗГИ ТЫЯНАКТАР

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде жогору экономикалык жигердүүлүк сакталып турган. ИДӨнүн өсүшүнө кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш секторлору негизги таасирин тийгизген.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында мамлекеттик бюджет ИДӨгө карата 6,9 пайыз чегинде профицит менен аткарылган, бул кирешелердин өсүш арымынын чыгашалардан артышы менен шартталган. Бул, өлкөдө экономиканын өсүшү жана салыктык администрлөөнү жакшыртуу жагында кабыл алынып жаткан чаралар, ошондой эле салыктык эмес кирешелердин өсүшү менен түшүндүрүлөт.

Отчёттук мезгилде активдер, кредит портфели, депозиттик база, капитал, финансылык ортомчулук деңгээли сыяктуу банк секторунун негизги көрсөткүчтөрү көбөйгөндүгү белгиленген.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда банк секторунун кредит портфелинин сапаты начарлагандыгы байкалган. Банк системасынын капиталынын шайкештигинин жогору деңгээлде болушу келечекте финансылык ортомчулук деңгээли, банк секторунун иш натыйжалуулугун жана туруктуулугун камсыз кылуу деңгээли андан ары жогорулашы мүмкүндүгүн тастыктап турат.

Эконометрикалык модель түзүүнүн жана финансылык болжолдоо моделин түзүүнүн натыйжалары 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында мурдагыдай эле финансылык туруктуулук запасына ээ экендигин чагылдырууда. “Кайтарым” стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгына ылайык, банк сектору кредит портфелинин сапатынын олуттуу начарлоосуна жана макроэкономикалык таасирлерге туруштук бере алат.

Банк эмес финансы-кредит уюмдар системасынын абалы орточо туруктуу катары бааланууда. Активдер, кредит портфели, ресурстук база боюнча көрсөткүчтөр өскөндүгү белгиленүүдө. Стресс-тестирлөөнүн жыйынтыктары, банк эмес финансы-кредит уюмдар секторунун кредиттик тобокелдиги орточо деңгээлде экендигин көрсөтүүдө.

Төлөм системаларында тобокелдиктер деңгээли жол берилген чекте катталган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана төлөм системаларынын эрежелеринде каралган тобокелдиктерди тескөө механизмдери, сакталып турган жогору ликвиддүүлүк деңгээли, камсыздандыруу депозиттери жана алдын ала төлөө системасы менен шартталган.

Отчёттук мезгилде финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өнүктүрүү иши ислам каржылоо принциптерин өркүндөтүүгө, банктык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо шарттарын, кредиттөө системасын өнүктүрүүгө, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого багытталган.

# I. МАКРОЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНЪЮНКТУРА

## 1.1. Макроэкономикалык шарттар жана тобокелдиктер

***Кыргыз Республикасында жылдын биринчи жарымында жогору экономикалык жигердүүлүк белгиленген. Экономиканын өсүшү негизинен кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш секторлорунун эсебинен камсыздалган. Калктын айкын кирешесинин жана акча которуулардын таза агылып кирүүсүнүн өсүшү ички керектөөнүн артышына дале таасирин тийгизүүдө.***

***Өз убагында көрүлгөн акча-кредит саясатынын чаралары инфляция деңгээлинин туруктуу арымда төмөндөшүнө өбөлгө түзгөн.***

***Экономиканын фискалдык секторунда бюджеттин киреше бөлүгү чыгашалардан жогору калыптанган.***

### *Тышкы шарттар*

Акыркы жылдардагы экономикалык жана геосаясый жагдайлардан улам глобалдуу экономиканын жигердүүлүгү төмөн деңгээлде сакталып турган. Алдыңкы өлкөлөр акча-кредит саясатынын шарттарын катуулаткандыктан дүйнөлүк инфляция тенденциясы төмөндөгөн, бирок көпчүлүк өлкөлөрдө базалык инфляция[1] деңгээли жогору маанилерде туруктуу сакталып турган.

Кыргыз Республикасынын соода боюнча өнөктөш өлкөлөрүндө экономикалык өсүш ар башка деңгээлде катталган. Россия Федерациясында экономиканын алгылыктуу өсүш арымы менен катар инфляция арымы тездегендиги байкалган. Казакстанда экономикалык жигердүүлүк төмөндөгөндүгү белгиленген, мында жылдык инфляция деңгээлинин динамикасы төмөндөгөн.

### *Ички шарттар*

#### *Ички дүң өнүм*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасында арымдуу экономикалык өсүш тенденциясы туруктуу сакталып тургандыгы байкалган – өлкөнүн реалдуу ИДӨсүнүн өсүшү 8,1 пайызды түзгөн (2023-жылдын биринчи жарымында – 2,2 пайыз). Отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча өлкөнүн ИДӨсүнүн номиналдуу көлөмү (ИДӨ күндөлүк бааларда) 559,7 млрд сомду түзгөн. ИДӨ дефлятору 6,8 пайыз деңгээлинде же 2023-жылдын ушул эле мезгилине караганда 13,1 пайыздык пунктка төмөн түптөлгөн.

Өсүү динамикасы экономиканын бардык секторлорунда, негизинен кызмат көрсөтүүлөр жана курулуш секторлорунда байкалган. Курулуш секторунда 48,5 пайызга өскөн жигердүүлүктүн негизги фактору катары жогору инвестициялык ишкердик белгиленген, анын өсүш арымы 54,7 пайызга жеткен (2023-жылдын январь-июнь айларында 10,2 пайызга каршы). Дүң жана чекене соода жүргүзүү көлөмүнүн 18,3 пайызга өсүшүнөн улам кызмат көрсөтүүлөр сектору 7,7 пайызга жогорулаган. Айкын эмгек акынын, керектөө кредиттеринин алгылыктуу өсүш арымынын сакталып турушунан улам керектөө суроо-талабынын көбөйүшүнүн жана өлкөгө чек ара аркылуу акча которуулардын таза агылып кирүү көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен соода көлөмү жогорулаган.


Иштеп чыгаруу өндүрүшүнүн басаңдоосунан улам жана пайдалуу кен байлыктарды өндүрүү көлөмүнүн төмөндөшүнөн улам, 2024-жылдын алты айынын жыйынтыгы боюнча өнөр жай секторунда өсүш арымы 0,9 пайызды түзүү менен басаңдагандыгы катталган.

[1] Энергия продукцияларына жана азык-түлүккө өзгөрүлмө баалар эске алынбайт.

МАЗМУНУ

## *Инфляция*


**1.1.1-график. Кыргыз Республикасында КБИ жана ФАО индексинин динамикасы**




*Булагы: КР УСК*

2024-жылдын биринчи жарымында ФАО индексинин орточо өсүшү катталган, бирок ал 2023-жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчтөн төмөн калыптанган. Данга жана өсүмдүк майына дүйнөлүк баалар негизги өндүрүүчү өлкөлөрдө алгылыксыз аба-ырайы шарттарынан улам жана дүйнөлүк суроо-талап көлөмүнүн өсүшүнөн улам өскөн. Кантка баалар кыйла өскөн, бул негизги өндүрүүчү өлкөлөрдө орун алган кантты өндүрүү проблемаларына, дүйнөлүк суроо-талаптын өсүшүнө жана сунуштоо жагында үзгүлтүктөргө байланыштуу шартталган. Этке жана сүт азыктарына баалар да бир азга өскөн, бул негизги импорттоочу өлкөлөр тарабынан жогору суроо-талаптын сакталып турушу менен камсыздалган. Глобалдуу климаттык өзгөрүүлөрдүн таасири, энергетика ресурстары рыногундагы туруксуздук жана саясий тобокелдиктер мурдагыдай эле дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшүнө таасирин тийгизген негизги факторлор катары катталган.

**1.1.2-график. Кыргыз Республикасында КБИ (жыл башынан тартып өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата топтолмо)**




*Булагы: КР УСК, www.fao.org*

Кыргыз Республикасында 2024-жылдын биринчи жарымында жылдык инфляция көрсөткүчүнүн акырындап төмөндөө арымы сакталып турган. УСКнын маалыматына ылайык, 2024-жылдын июнь айында инфляция жылдык мааниде алганда 2023-жылдын декабрь айындагы 7,3 пайыздан төмөндөп, 4,5 пайызды түзгөн. Кароого алынган мезгилдин жыйынтыгы боюнча инфляциянын жылдык көрсөткүчүнүн түзүмү төмөнкүчө калыптанган: азык-түлүк товарларына баалардын өсүшү 1,2 пайызды, азык-түлүктөн башка товарлар – 7,4 пайызды, алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары – 9,7 пайызды, кызмат көрсөтүүлөр – 6,9 пайызды түзгөн.

Азык-түлүктөн башка товарлар тобунда инфляция керектөө суроо-талабынын туруктуу өсүшү, дүйнөлүк мунай заттар рынокторунда баалардын өзгөрүп турушу жана тариф саясатынын чаралары менен шартталган. “Тойканалар жана мейманканалар”, “саламаттыкты сактоо”, “ар кандай товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр”, “билим берүү”, “эс алуу, оюн-зоок жана маданият” топторунда жана турак жай-коммуналдык чарба чөйрөсүндө баалардын өсүшү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын кыйла тез арымда басаңдашына тоскоолдук жараткан. “Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары” тобуна кирген товарларга баалардын өсүшү жыл сайын акциздин жогорулатылышы менен шартталган.

### *Эмгек рыногу жана эмгек акы*

Жумуш издөө максатында мамлекеттик иш менен камсыздоо кызмат органдарында катталган жарандардын ичинен жумушсуздардын саны кыйла кыскаргандыгы байкалган. 2024-жылдын 1-июлуна карата 81,5 миң жумушсуз адам катталган, бул 2023-жылдын ушул эле датасына салыштырганда 17,8 пайызга аз. Калктын жумушсуз адамдарынын жалпы санынын ичинен жумушсуз катары катталгандардын саны да 58,2 миң адамга кыскарган, бул 22,2 пайызга аз.

Жумуш күчүнүн жалпы санынын ичинен катталган жумушсуз жарандардын деңгээли 2024-жылдын биринчи жарымында 2023-жылдын биринчи жарымындагы көрсөткүчкө салыштырганда 0,7 п.п. төмөндөп, экономикалык жактан жигердүү калктын 2,1 пайызын түзгөн.

Жалпы алганда отчёттук мезгил аралыгында бардык экономикалык ишкердик түрлөрү боюнча эмгек акынын өсүш динамикасы алгылыктуу катары белгиленген. Кароого алынган мезгил ичинде бир жумушчунун орточо айлык номиналдык эмгек акысы өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 10,6 пайызга жогорулап, 35,3 миң сомду түзгөн. Мында, отчёттук мезгилде реалдуу эмгек акы 5,2 пайызга өскөн.

### *Мамлекеттик бюджет*

Акыркы 3 жыл ичиндеги тиешелүү мезгилдерге салыштырганда кароого алынган мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттеги бюджет профицити 38,9 млрд сомго чейин же ИДӨгө карата 6,9 пайызга кыйла өскөн. Мындай натыйжалар, өлкөдө мурда көрүлгөн салык жана бажы жол-жоболорун фискалдаштыруу чаралары менен катар экономикалык жигердүүлүктү арттыруунун алкагында чыгашаларга салыштырганда бюджетке түшүүлөрдүн өсүш арымынын артышы менен шартталган. Алсак, бюджеттин күндөлүк кирешелери 24,7 пайызга, 220,7 млрд сомго чейин өскөн. Бюджетке түшүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 80,4 пайызы КНСтен түшүүлөр, киреше жана пайда салыгы, ошондой эле салыктык эмес кирешелерге туура келген. Мында салыктык эмес кирешелердин өсүшү Улуттук банктын республикалык бюджетке 12,4 млрд сом суммасында пайдасын чегерүүнүн эсебинен камсыздалган.

Ошону менен катар бюджеттен күндөлүк чыгашалар 9,8 пайызга гана өсүп, 151,0 млрд сомду түзгөн, ал эми мамлекеттин таза капиталдык чыгашалары, тескересинче, 9,7 пайызга, 30,9 млрд сомго чейин кыскарган. Мында, күндөлүк чыгашалардын жогорулашына олуттуу салымды Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондуна 7,1 млрд сом суммасында акча каражаттарын чегерүүнүн натыйжасында “башка чыгашалар” статьясы кошкон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2024-жылдын башталышынан тартып мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу көлөмүн жигердүүлүк менен арттырууну уланткан, алардын мамлекеттик карыздын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 2023-жылдын акырындагы 25,8 пайыздан 2024-жылдын июнь айынын акырына карата 29,2 пайызга чейин өскөн. Отчёттук мезгилдин башталышынан тартып мамлекеттик тышкы карыз 2024-жылдын июнь айынын акырына карата 33,7 пайыздан ИДӨгө карата 30,9 пайызга чейин кыскарган, ал эми абсолюттук мааниде 3,2 пайызга төмөндөп, 4,5 млрд АКШ долларын түзгөн. Натыйжада, 3,8 млрд сом суммасында ички каржылоо боюнча түптөлгөн оң сальдого салыштырганда тышкы милдеттенмелер боюнча ордун жабуулардын артышынын эсебинен бюджет тартыштыгын жалпы таза каржылоо (-)3,7 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн.

### *Макроэкономические риски*

Тышкы чөйрөдөгү жогору белгисиздик жана дүйнө жүзү боюнча геосаясий курч абал өлкөнүн экономикасына таасирин тийгизиши мүмкүн болгон негизги тобокелдиктер катары сакталууда.

2023-жылдын башталышынан тартып инфляция арымынын төмөндөө тенденциясы сакталып тургандыгына карабастан, алгылыксыз климаттык шарттардын терс таасиринин натыйжасында жогору ички суроо-талапка жана дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын орточо өсүшүнө байланыштуу тобокелдиктер сакталып турат.

## 1.2. Финансы секторунун түзүмү

Кыргыз Республикасынын финансы секторунун институционалдык түзүмүн коммерциялык банктар жана башка финансы институттары түзөт.

**1.2.1-таблица. Финансы секторунун институционалдык түзүмү**
*(финансы институттарынын саны)*


| Финансы институттары | 1 ж/ж 2020 | 1 ж/ж 2021 | 1 ж/ж 2022 | 1 ж/ж 2023 | 1 ж/ж 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Коммерциялык банктар** | **23** | **23** | **23** | **23** | **21** |
| **Башка финансылык компаниялар, анын ичинде:** | **627** | **607** | **611** | **752** | **863** |
| **Банктык эмес жана адистештирилген финансы-кредит уюмдары (БАФКУ), анын ичинде:** | **627** | **607** | **611** | **752** | **863** |
| Микрофинансылык уюмдар, анын ичинде: | 134 | 134 | 130 | 129 | 113 |
| микрокредиттик компаниялар | 87 | 87 | 85 | 86 | 68 |
| микрокредиттик агенттиктер | 38 | 38 | 35 | 34 | 35 |
| микрофинансылык компаниялар | 9 | 9 | 10 | 9 | 10 |
| Адистештирилген финансы-кредит уюму | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Кредиттик бюролор | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Кредиттик союздар | 93 | 91 | 86 | 83 | 79 |
| Алмашуу бюролору | 396 | 377 | 390 | 535 | 667 |
| “Гарантиялык фонд” ААКсы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Турак жай-сактык кредиттик компаниялар | - | 1 | 1 | 1 | 0 |
| **Камсыздандыруу компаниялары*** | **16** | **16** | **15** | **17** | **-** |
| **Инвестициялык фонддор*** | **3** | **3** | **3** | **3** | **-** |
| **Фондулук биржалар*** | **3** | **4** | **4** | **4** | **-** |
| **Пенсиялык фонддор*** | **3** | **3** | **3** | **3** | **-** |

*Булагы: КБ, БФКУ, КР УСК, Мамфинкөзөмөл*
** Жылдын акырына карата маалыматтар*

2024-жылдын биринчи жарымынын акырына карата банктардын жана банк эмес финансы-кредит уюмдарынын (БФКУ) активдери 790,6 млрд сомду же ИДӨгө карата 60,6 пайызды түзгөн.


2024-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча финансы секторунун чогуу алгандагы кредит портфели 320,5 млрд сомду же ИДӨгө карата 25,0 пайызды түзгөн. Финансы секторунун кредит портфелиндеги банктардын кредиттеринин үлүшү 2024-жылдын биринчи жарымынын акырына карата 86,0 пайызды түзгөн (1.2.1-график).

**1.2.1-график. Кредит портфелинин түзүмү**




*Булагы: Коммерциялык банктар жана БФКУ*

**1.2.2-график. Финансы секторунун кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Коммерциялык банктар жана БФКУ*



МАЗМУНУ

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин тармактык түзүмүндө, мурдагыдай эле, кредиттер соода чөйрөсүндө, ал эми БФКУда – керектөө кредиттерине жогору концентрациялангандыгы катталган. Экономиканын жогоруда аталган секторлорунда финансы секторунун кредит портфелинин чогуу алгандагы үлүшү 2024-жылдын биринчи жарымынын акырында кредиттердин жалпы көлөмүнүн 51,5 пайызына жетүү менен 167,6 млрд сомду түзгөн (1.2.2-график).

## 1.3. Финансы рынокторунун абалы


***Ички валюта рыногунда алмашуу курсунун өзгөрүлмөлүүлүгү сакталып турган. Отчёттук мезгил ичинде чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмү ага суроо-талап көлөмүнөн жогору болгондугу байкалган.***

***Улуттук банк пайыз саясатын жеңилдеткендигинин натыйжасында 2024-жылдын апрель айынын акырынан тартып банктар аралык акча рыногунда кыска мөөнөттүү пайыздык чендер төмөндөгөндүгү катталган, алар Улуттук банк тарабынан белгиленген пайыздык чектин төмөн чегине жакын түптөлгөн. Банктар аралык акча рыногунда 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда жигердүүлүк басаңдагандыгы байкалган, мында Улуттук банктын ноталар рыногунда операциялар көлөмү жогорулагандыгы катталган. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда келишилген бүтүмдөр көлөмү банктар аралык кредиттик ресурстар рыногуна жана валюта рыногуна салыштырмалуу төмөн калыптанган.***

### *1.3.1. Валюта жана акча рынокторунун абалы*

#### *Валюта рыногу*

**1.3.1.1-график. Валюта рыногунда Улуттук банктын интервенцияларынын динамикасы**





2024-жылдын биринчи жарымында ички валюта рыногунда улуттук валюта бекемделгендиги байкалган.

2024-жылдын июнь айынын акырына карата абал боюнча АКШ долларынын сомго карата расмий курсу 2023-жылдын акырындагы көрсөткүчкө салыштырганда 3,0 пайызга төмөндөп, бир АКШ доллары үчүн 86,4454 сомду түзгөн.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын орто ченинен тартып валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көлөмү ага суроо-талап көлөмүнөн жогору калыптангандыгы жана расмий алмашуу курсунун өзгөрүү диапазону кандайдыр бир өлчөмгө кеңейгендиги байкалган, ал 2024-жылдын биринчи жарымында бир АКШ доллары үчүн 86,4454-89,5100 сомду (3,1 сом), ал эми 2023-жылдын ушул эле мезгилинде өзгөрүү диапазону бир АКШ доллары үчүн 85,6800-87,5900 сомду (1,9 сом) түзгөн.

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында Улуттук банк 2024-жылдын биринчи жарымында 38,5 млн АКШ доллары суммасында чет өлкө валютасын сатуу боюнча валюталык интервенцияларды жүргүзгөн (2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда -91,7 пайыз).

**1.3.1.2-график. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сом эквивалентинде)**




*Булагы: Улуттук банк*

Коммерциялык банктардын жана алмашуу бюролорунун валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу операцияларынын жалпы көлөмү резидент эместер менен операцияларын кошо алганда, отчёттук мезгил ичинде 66,0 пайызга, сом эквивалентинде 2,6 трлн чейин өскөн. Операциялар көлөмүнүн өсүшү бардык негизги валюталар боюнча (доллар, орус рубли, тенге, юань) белгиленген, мында евро менен валюталык операциялар көлөмү анчалык өзгөргөн эмес. Ал эми валюталар боюнча операциялардын түзүмү өзгөргөн: негизги үлүш орус рублин сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүнө туура келген (алардын үлүшү 2023-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 52,4 пайыздан 50,3 пайызга чейин төмөндөгөн), АКШ долларын сатып алуу-сатуу боюнча операциялардын үлүшү да 45,3 пайыздан 43,5 пайызга чейин төмөндөгөн, казак тенгесинде операциялардын үлүшү 0,05 пайыздан 0,03 пайызга чейин төмөндөгөн, ошол эле учурда юань менен операциялардын үлүшү 0,01 пайыздан 4,7 пайызга чейин жогорулаган.

Операциялардын негизги бөлүгү дале нак түрдө ишке ашырылууда (95,3 пайыз (+2,0 п.п.), мында нак операциялар түзүмүндө басымдуу үлүштү, мурдагыдай эле, алмашуу бюролорунун нак операциялары ээлеп турат, бул негизинен ички валюта рыногунда түптөлгөн жагдайга байланыштуу. Валюталар боюнча алганда чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын көлөмү, евродон тышкары валюталардын бардык түрлөрү боюнча жогорулаган.

### *Акча рыногу*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктар аралык кредиттик рыноктогу жигердүүлүк 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы көрсөткүчтөн төмөн катталган.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктар аралык кредиттик рыноктогу бүтүмдөрдүн көлөмү 7,7 млрд сомду түзгөн, бул 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 49,1 пайызга төмөн. Кароого алынган мезгилде улуттук жана чет өлкө валютасындагы стандарттуу бүтүмдөр ишке ашырылган эмес. Ошентип, бардык бүтүмдөр репо шарттарында жүргүзүлгөн. Банктар аралык рынокто орточо алынган чен 10,42 пайызды (-0,6 пайыздык пункт) түзгөн, 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда чендердин төмөндөшү 2024-жылдын II чейрегинде акча-кредит саясатынын шарттары жеңилдетилгендиги менен түшүндүрүлөт. Ал эми орточо алынган мөөнөтү 2023-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 3 күндөн 5 күнгө чейин жогорулатылган.

Ликвиддүүлүктүн убактылуу ажырымынын ордун жабуу үчүн банк секторунда банктар аралык карыз алышуулар колдонулган, Улуттук банктын кыска мөөнөттүү кредиттик ресурстарына муктаждык болгон эмес. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында овернайт кредиттери берилген эмес. Коммерциялык банктардын каражаттарын овернайт депозиттерине жайгаштыруунун жалпы көлөмү 4 005,4 млрд сомду түзгөн (орточо күндүк көлөмү – 33,9 млрд сом), бул 2023-жылдын биринчи жарымына салыштырганда 2,1 эсеге көп.

### 1.3.2. Баалуу кагаздар рыногунун абалы

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында Улуттук банктын аянтчасында мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунун кыска мөөнөттүү сегментинде катышуучулардын бир учурда жигердүү катышуусу менен мүнөздөлүп, жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык[2] мамлекеттик казына векселдери (МКВ) гана сунушталган, ошол эле учурда 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу жана сатуу көлөмү кыйла жогорулаган.

Аукциондордун, ошондой эле кошумча жайгаштыруулардын жыйынтыгы боюнча МКВ сатуу көлөмү 2024-жылдын биринчи жарымында 12,20 пайыз орточо кирешелүүлүк боюнча 1,0 млрд сомду түзгөн.

Узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздарга негизинен институционалдык инвесторлор арасында суроо-талап жогору. 2024-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча аукциондордо МКОлорду сунуштоо көлөмү 2023-жылдын биринчи жарымына салыштырганда 42,0 пайызга өсүп, 23,1 млрд сомду түзгөн, кошумча жайгаштырууларды эске алганда, жалпы МКОлорду сатуу көлөмү 94,3 пайызга, 20,9 млрд сомго чейин жогорулаган.

МКОнун орточо алынган кирешелүүлүгү (2 жылдык МКОну эске албаганда) жүгүртүү мөөнөтү орто мөөнөттүү баалуу кагаздарды сатуу менен шартталган өсүш тенденциясы сакталып турган жана ал 16,2 пайыз (+0,4 п.п.) деңгээлинде түптөлгөн.

2021-жылдан тартып экинчилик рынокто МКВ жана МКО сатуу-сатып алуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

Отчёттук мезгил ичинде банк системасында үстөк ликвиддүүлүк жогору деңгээлде сакталып турган, мындай шарттарда Улуттук банктын ноталар рыногунда 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда ноталарга суроо-талап, сунуш жана сатуу көрсөткүчтөрү жогорулагандыгы катталган. Отчёттук мезгилде Улуттук банктын ноталар рыногунда 7, 28, 91 жана 182 күндүк ноталар сунушталган. 2024-жылдын биринчи жарымында сатуунун басымдуу көлөмү Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталарына туура келген, мында катышуучулар жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарга да артыкчылык бергендиги катталган (2023-жылдын ушул эле мезгилинде жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарга талап көбүрөөк болгон). Улуттук банктын ноталарына жогору суроо-талап шарттарында 2024-жылдын апрель айынан тартып ноталардын бардык мөөнөттүүлүгү боюнча кирешелүүлүк төмөндөгөндүгү байкалган. Ноталар боюнча орточо алынган кирешелүүлүк 2023-жылдын ноябрь айындагы 12,23 пайыздан декабрь айында 12,12 пайызга чейин жана 2024-жылдын январь-июнь айларында 10,6 пайызга чейин төмөндөгөн.



[2] Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги 2020-жылдын февраль айынан тартып 12 айлык МКВ гана сунуштайт.


## 1.4. Кыймылсыз мүлк рыногу

***Кыргыз Республикасынын кыймылсыз мүлк рыногунда 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда кыймылсыз мүлккө баа индексинин өсүш арымы басаңдагандыгы байкалган, бул жеке турак үйлөргө (баалар 12,8 пайызга өскөн) жана квартираларга (баалар 23,3 пайызга өскөн) баалардын өсүш арымы төмөндөгөндүгү менен шартталган.***

***Отчёттук мезгилде турак жайдын жеткиликтүүлүгү индекси 7,4 жылдан 8,1 жылга чейин жогорулагандыгы белгиленген, бул кыймылсыз мүлккө баалардын өсүш арымынын (23,3 пайыз) орточо айлык номиналдык эмгек акынын өсүш арымынан (10,3 пайыз) артышы менен шартталган. Бул факт кыймылсыз мүлктүн жеткиликтүүлүгү боюнча жагдай начарлагандыгын тастыктайт. Кыймылсыз мүлк рыногунун финансы сектору үчүн тобокелдиктери орточо катары бааланган, бул банктардын жалпы кредит портфелиндеги ипотекалык кредиттердин[3] анчалык жогору эмес үлүшү менен шартталган.***


2024-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында турак жай кыймылсыз мүлкүнө баа индексинин өсүш арымы 25,2 пайыздан 17,8 пайызга чейин төмөндөгөндүгү жана турак жай кыймылсыз мүлктүн базистик баа индексинин 232,2 пайыздан 293,3 пайызга чейин өсүшү белгиленген. Бул 2023-жылдын ушул эле мезгилинде жеке турак үйлөргө баалардын 12,8 пайызга жана квартираларга баалардын 23,3 пайызга өсүшү менен шартталган.

**1.4.1-график. Турак жай кыймылсыз мүлк рыногунда баа индексинин өсүш арымы**




*Булагы: Жер ресурстары агенттиги, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.2-график. Турак жай кыймылсыз мүлк рыногунда базистик баа индексинин өсүш арымы[4]**




*Булагы: Жер ресурстары агенттиги, Улуттук банктын эсептөөлөрү*


2024-жылдын 30-июнуна карата турак жайдын (квартиранын) 1 чарчы метринин орточо баасы 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда Ош шаарында 29,5 пайызга (70,2 миң сомго чейин), Бишкек шаарында – 21,0 пайызга (90,4 миң сомго чейин) жогорулаган. Жеке турак үйлөрдүн 1 чарчы метринин орточо баасы 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда Ош шаарында 7,7 пайызга (95,1 миң сомго чейин), Бишкек шаарында 24,7 пайызга (113,7 миң сомго чейин) төмөндөгөн.

[3] Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын шарттарында ипотекалык кредит деген түшүнүк, эрежедегидей эле, кыймылсыз мүлккө менчик укугун күрөөгө коюу менен берилген узак мөөнөттүү кредитти билдирет.

[4] Базистик мезгил катары 2010-жыл алынган.


МАЗМУНУ

**1.4.3-график. Квартираларга баанын өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Жер ресурстары агенттиги, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

**1.4.4-график. Жеке турак үйлөргө баанын өзгөрүү динамикасы**





*Булагы: Жер ресурстары агенттиги, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Отчёттук мезгил ичинде кыймылсыз мүлктү сатып алуу-сатуу боюнча бүтүмдөрдүн саны 13,0 пайызга азаюу менен 22 110 түзгөн. 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда квартираларды сатып алуу-сатуу боюнча бүтүмдөрдүн саны 12,1 пайызга, ал эми турак үйлөрдүн саны - 14,2 пайызга азайып, тиешелүүлүгүнө жараша, 12 503 жана 9 607 бүтүмдү түзгөн.

Турак жай фондуларын колдонууга берүү көлөмү өскөндүгү байкалууда. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча турак жай фондуларын колдонууга берүүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү 2023-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда жогорулап, 24,3 пайызды түзгөн, бул негизинен Чүй (72,4 пайыз), Жалал-Абад (59,8 пайыз), Талас (37,5 пайыз), Нарын (24,0 пайыз) жана Ысык-Көл (23,6 пайыз) областтарында турак жай фондуларын эксплуатацияга берүү көлөмүнүн жогорулашы менен шартталган. Калган региондордо турак жай фондуларын колдонууга берүү көлөмү төмөндөгөндүгү байкалган.

**1.4.5-график. Турак жайды пайдаланууга берүү, курулушка жана ипотекага берилген кредиттер динамикасы[5]**




*Булагы: КР УСК, Улуттук банктын эсептөөлөрү*



[5] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.


**1.4.1-таблица. Пайдаланууга берилген турак жай аянтынын географиялык түзүмү**

| | 1 ж/ж 2023 | | 1 ж/ж 2024 | |
|---|---|---|---|---|
| | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* | *Берилүүчү жалпы аянттар, миң чарчы метр* | *Жалпы аянтынан салыштырма салмагы, %* |
| Бишкек шаары жана Чүй областы | 168,8 | 33,4 | 220,3 | 35,0 |
| Ош шаары жана Ош областы | 111,8 | 22,1 | 108,5 | 17,2 |
| КРнын башка областтары | 225,5 | 44,6 | 300,5 | 47,8 |
| **Бардыгы болуп** | **506,1** | **100,0** | **629,3** | **100,0** |

*Булагы: КР УСК*

**2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2024-жылдын 30-июнуна карата курулушту каржылоого берилген кредиттердин жана ипотекалык кредиттердин көлөмү жогорулагандыгы катталган.** Отчёттук мезгил ичинде курулушка берилген кредиттердин көлөмү 137,2 пайызга (4,8 млрд сомго чейин), ал эми ипотекага берилген кредиттердин көлөмү 54,6 пайызга (7,8 млрд сомго чейин) жогорулаган. Аталган секторлордо улуттук жана чет өлкө валюталарында берилген кредиттердин көлөмү өскөндүгү байкалууда.

**1.4.6-график. Курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин көлөмү**[6]




*Булагы: КБ, Улуттук банк*


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча турак үйлөрдү куруу жана колдонууга берүү негизинен калктын каражаттарынын эсебинен ишке ашырылган (жалпы колдонууга берилгендердин 98,6 пайызы)[7].

**2024-жылдын 30-июнуна** карата коммерциялык банктардын жалпы кредит портфелиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин үлүшү 16,4 пайызды түзгөн, алардын ичинен ипотекага берилген кредиттердин үлүшүнө 11,6 пайызы туура келген. 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда коммерциялык банктардын жалпы кредит портфелиндеги курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин үлүшү 0,5 пайыздык пунктка азайган (1.4.7-график).

[6] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.
[7] "Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык абалы (2024-жылдын январь-июнь айлары)", КР УСК.

МАЗМУНУ


**1.4.7-график. Коммерциялык банктардын кредит портфелинде курулушка жана ипотекага берилген кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү[8]**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Ипотекага жана курулушка берилген классификацияланган кредиттердин чогуу алгандагы көлөмү 13,4 пайызга өсүп, 6 349,8 млн сомду түзгөн. Мында, отчёттук мезгил ичинде аталган тармактарда проблемалуу кредиттердин чогуу алгандагы үлүшү 3,7 пайыздык пунктка жогорулап, банк секторунун проблемалуу кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 18,8 пайызын түзгөн. Ипотекага жана курулушка чет өлкө валютасында берилген, классификацияланган кредиттердин көлөмү 19,9 пайызга өсүп, 4 593,9 млн сомду түзгөн, бул негизинен курулушка берилген кредиттердин сапатынын начарлашынын эсебинен түптөлгөн.

**1.4.8-график. Классификацияланган кредиттердин динамикасы**




*Булагы: КБ*


МАЗМУНУ

[8] Бир мезгилдин акырына карата маалыматтар.

**1-кыстырма. Турак жай менен камсыз болуу индекси**

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында турак жай менен камсыз болуу индекси 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, орточо статистикалык үй-бүлө турак жай сатып алуу максатында каражат топтоо үчүн зарыл болгон убактысын (жылдардын санын) көбөйтүүнүн эсебинен төмөндөп, 7,4 жылдан 8,1 жылга чейинкини түзгөн. Бул кыймылсыз мүлккө баалардын өсүш арымынын (23,3 пайыз) орточо айлык номиналдык эмгек акынын өсүш арымынан (10,3 пайыз) артышы менен шартталган (1-график).

**1-график. Минималдуу керектөө бюджетин эске алганда, турак жай (квартира) менен камсыз болуу индекси**




*Булагы: КР УСК, Жер ресурстары агенттиги, Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында 54 чарчы метр аянтындагы квартира сатып алуу үчүн үч адамдан турган үй-бүлөнүн ичинен эки адам киреше тапкан жана ага 24 433,0 сом өлчөмүндө минималдуу керектөө бюджети (үй-бүлөнүн жыйынды кирешесинин 34,6 пайызы) туура келген үй-бүлөнүн орточо айлык номиналдык эмгек акысын (35 298,0 сом) башка бирдей шарттарда 8,1 жыл бою топтоо зарыл.

МАЗМУНУ

**2-кыстырма. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүшүнүн банк секторуна тийгизген таасирин стресс-тесттен өткөрүү[9]**

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча банктардын кредит портфелинде күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлк менен камсыздалган кредиттердин саны кредиттердин жалпы санынын 21,3 пайызын түзөт. Кыймылсыз мүлк түрүндө кредиттерди камсыздоо көлөмү (күрөөлүк наркы боюнча) кредит портфелинин бүтүндөй күрөөлүк камсыздоосунун 67,5 пайызын түзгөн.

Банк секторуна карата кредиттик тобокелдиктер күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктүн наркы кредит боюнча төлөө калдыгынан төмөн болушу жана карыз алуучунун кредитти андан ары төлөөдөн баш тартуу ыктымалдыгы менен шартталган. Стресс-тесттен өткөрүү орду жабылбаган ссудалардан улам келип чыгышы мүмкүн болгон жоготууларга баа берүүгө, ошондой эле банктардын финансылык абалын аныктоого багытталган.

**1-схема. Кыймылсыз мүлк рыногунда баанын өзгөрүүсүнүн банк секторунда кредиттик тобокелдик деңгээлине таасирин стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыктары**

| Сценарий | Банк секторунун потенциалдуу жоготуулары | Системалуу мааниге ээ банктардын потенциалдуу жоготуулары | Капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдиги |
|---|---|---|---|
| **“Мурдатан калыптанган”* (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 23% төмөндөшү)** | ----- | ----- | 1 банк |
| **“Альтернативдүү” (кыймылсыз мүлккө баанын 2 жыл ичинде 40% төмөндөшү)** | ----- | ----- | 1 банк |
| **“Терс” (кыймылсыз мүлккө баанын жыл ичинде 50% төмөндөшү)** | ----- | ----- | 4 банк |

** 2008-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк баалары 23 пайызга төмөндөгөн.*

Стресс-тестке кошумча кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү деңгээли аныкталган, мында банк секторунун пайдасынын төмөндөшү жана айрым банктарда чыгымдардын келип чыгуу тобокелдиги орун алышы ыктымал. Кыймылсыз мүлккө баа 54,2 пайызга төмөндөшү мүмкүн болсо жана карыз алуучулар кыймылсыз мүлк менен камсыздоо аркылуу мурда алган кредиттерди тейлөөдөн баш тартса, ошондой эле күрөөлүк камсыздоону кийинчерээк рынокто төмөн баада сатуу үчүн банктардын балансына кабыл алган учурда, банк сектору пайда көлөмүнүн төмөндөшү тобокелдигине жана айрым банктар чыгым тартуу тобокелдигине дуушарланышы ыктымал. Мында, кыймылсыз мүлккө баа 58,4 пайызга төмөндөгөн учурда, айрым системалуу мааниге ээ банктар ушул сыяктуу тобокелдиктерге дуушарланышы ыктымалдыгы бар. Кыймылсыз мүлккө баа, тиешелүүлүгүнө жараша, 74,8 жана 76,6 пайызга төмөндөгөн шартта, банк сектору, анын ичинде системалуу мааниге ээ банктар тарабынан капитал шайкештиги ченемин бузуу тобокелдигин болжолдоого болот[10].

[9] Стресс-тест 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча коммерциялык банктардын сурамжылоо маалыматтарынын негизинде өткөрүлгөн.

[10] Эсептөөлөрдө банктар күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү баалоо наркындагы айырма эске алынган эмес, ал рыноктук нарктан 20 пайызга чейин төмөн болушу мүмкүн. Ушуну эске алганда, кыймылсыз мүлккө баанын төмөндөшүнүн чектүү мааниси 20 пайызга жогорулашы ыктымал.

# II. БАНК СЕКТОРУ

***2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун активдер, капитал, депозиттик база жана кредит портфели сыяктуу негизги көрсөткүчтөрү жогорулагандыгы байкалган.***

***Каралып жаткан мезгил ичинде кредит портфелинин долларлашуу деңгээли жана банк секторунун депозиттик базасы 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда төмөндөгөндүгү байкалган.***

***Банк секторунун капитал шайкештигинин жогору деңгээлге ээ болушу финансылык ортомчулук деңгээлин, иш натыйжалуулугун андан ары жогорулатуу жана келечекте банк секторунун туруктуулугун камсыз кылуу потенциалына ээ экендигин тастыктап турат.***


## 2.1. Банк секторун өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча[11] Кыргыз Республикасынын аймагында 21 коммерциялык банк жана алардын 305 филиалы иштеп турган, анын ичинде 13 банк чет өлкө капиталынын катышуусунда, алардын ичинен 9 банкта – 50 пайыздан көбүрөөк өлчөмү чет өлкө капиталынын катышуусунда ишкердигин жүргүзгөн. Өлкөнүн бардык банк мекемелери ишинин түрү боюнча универсалдуу болуп саналат.

### *Активдер*

Бүтүндөй алганда, 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдер көлөмү жогорулагандыгы байкалган. Банк секторунун активдери 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 31,7 пайызга көбөйүп, 727,3 млрд сомду түзгөн (2.1.1-график).

**2.1.1-график. Банк секторунун активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Активдердин өсүшү негизинен төмөнкүлөрдүн өсүшүнүн эсебинен калыптанган:

- нак акча жана корреспонденттик эсептердеги акча каражаттары түрүндө ликвиддүүлүктүн 15,5 пайызга же 33,0 млрд сомго;
- кредит портфелинин 23,1 пайызга же 52,7 млрд сомго;
- башка активдердин 201,6 пайызга, же 82,3 млрд сомго.

Кредит портфелинин активдер түзүмүндөгү салыштырма салмагы 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 2,7 пайыздык пунктка азаюу менен 38,6 пайыз чегинде катталган.


### *Кредит портфели*

2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банктардын кредит портфелинин өсүшү өнөр жай секторун кошпогондо, экономиканын бардык негизги тармактарында белгиленген.

Байкоого алынган мезгилдин жыйынтыгы боюнча банк секторунун кредит портфелинин долларлашуу деңгээли 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 21,1 пайызды түзгөн (2.1.2-график).


[11] Маалыматтар коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчётуна (ПРБО) ылайык келтирилген.

**2.1.2-график. Банк секторунун кредит портфелинин динамикасы**




** ФКУга сунушталган кредиттерди жана атайын РППУну эске албаганда*
*Булагы: Улуттук банк*

**2.1.3-график. Кредит портфелинин мөөнөттүүлүк боюнча түзүмү**





** ФКУга сунушталган кредиттерди жана атайын РППУну эске албаганда*
*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында берилген кредиттер портфелинин түзүмүндө мөөнөттүүлүгү боюнча негизги үлүш кыска мөөнөттүү кредиттерге – 38,8 пайыз же 64,6 млрд сом жана орто мөөнөттүү кредиттерге – 34,4 пайыз же 53,9 млрд сом туура келген (2.1.3-график).

### *Милдеттенмелер*


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банк секторунун милдеттенмелери 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 33,0 пайызга көбөйүү менен 618,3 млрд сомду түзгөн.

**2.1.4-график. Банктардын милдеттенмелеринин ресурстар булактары боюнча түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.1.5-график. Банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери**




*Булагы: Улуттук банк*

Кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттери 34,0 пайызга өсүп, 457,6 млрд сомду түзгөн (2.1.4-график). Жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын банк милдеттенмелериндеги депозиттеринин салыштырма салмагы 0,6 пайыздык пунктка өсүп, 74,0 пайызды түзгөн.

Тартылган каражаттардын жалпы көлөмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 3,0 пайыздык пунктка төмөндөп, 42,0 пайызды түзгөн (2.1.5-график).


### *Финансылык натыйжалар*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрүнүн 2023-жылдын ушул эле мезгил аралыгына салыштырганда төмөндөгөндүгү белгиленген, бул активдердин жана капиталдын өсүш арымынын коммерциялык банктардын пайдасынын өсүш арымынан артышы менен шартталган:

- активдердин кирешелүүлүк коэффициенти (ROA) 4,3 пайызды түзгөн;
- өздүк капиталдын кирешелүүлүк коэффициенти (ROE) 29,6 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

Банк секторунун таза пайдасы 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында 17,7 пайызга өсүп, 14,2 млрд сомду түзгөн (2.1.6-график).

**2.1.6-график. Банк секторунун рентабелдүүлүк көрсөткүчтөрү**





*Булагы: Улуттук банк*

### *Капитал шайкештиги*

Капитал шайкештиги ченеминин минималдуу мааниси 12,0 пайыз деңгээлде белгиленген шартта, бул көрсөткүч 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 1,1 пайыздык пунктка төмөндөп, 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 22,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн (2.1.7-график)

**2.1.7-график. Капиталдын шайкештик коэффициенттеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

Ал эми банк секторунун 2024-жылдын биринчи жарымынын жыйынтыгы боюнча түптөлгөн капиталдын шайкештигинин айкын деңгээли белгиленген ченемден (кеминде 12 пайыз) 1,9 эсеге жогору калыптанган, бул банк секторунун терс таасирлерге салыштырмалуу туруктуулугун, ошондой эле келечекте банк секторунун финансылык ортомчулук деңгээлин жана ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн белгилүү бир потенциалга ээ экендигин билдирет.


## 2.2. Банк секторунун тобокелдиктери

### *2.2.1. Кредиттик тобокелдик*

Кредиттик тобокелдик банк ишинде орун алышы мүмкүн болгон негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат.


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында кредит портфелинин өсүшү байкалган, ал 23,1 пайызга жогорулап, 281,1 млрд сомду түзгөн (2.2.1-график). Банктардын кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин үлүшү 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 10,9 пайыздан 12,1 пайызга чейин жогорулаган (2.2.2-график).

**2.2.1-график. Кредит портфелинин динамикасы[12]**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.2-график. Кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*

Коммерциялык банктардын кредит портфелинин сапатын баалоо үчүн кредиттерди классификациялоо системасы колдонулат, ал кредиттердин кайтарылбай калышынан потенциалдуу чыгымдардын мүмкүн болуучу деңгээлин аныктоо жана аларды тиешелүү резерв түзүү аркылуу өз учурунда компенсациялоо мүмкүнчүлүгүн берет (2.2.3-график).


Активдердин кайтарылбай калуу тобокелдигинин көрсөткүчү (атайын РППУнун жана кредит портфелинин катышы) 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 6,2 пайыз деңгээлинде катталган.

Коммерциялык банктар тарабынан түзүлгөн резервдердин чогуу алгандагы көлөмү жалпы кредит портфелинин 7,8 пайызын түзгөн.

Ал эми 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында атайын РППУнун үлүшү резервдердин жалпы көлөмүнүн 79,1 пайызын түзгөн (2.2.4-график).


[12] Кредит портфелинде дисконт эске алынган эмес.

**2.2.3-график. Кредит портфелинин сапатынын көрсөткүчтөрү**




*Булагы: Улуттук банк*


**2.2.4-график. Жалпы жана атайын резервдер**




*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча кредиттик тобокелдиктердин басымдуу концентрацияланышы мурдагыдай эле соода тармагында байкалган (2.2.5-график).

**2.2.5-график. Экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттердин көлөмү**





*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

## 3-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: кредиттөө

Коммерциялык банктарда сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча алынган маалыматтарга ылайык, отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча берилген кредиттердин басымдуу бөлүгү (карыз алуучулардын кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 41,1 пайызы), мурдагыдай эле экономиканын өндүрүш секторуна[13] туура келген, бул банк секторунун өлкөнүн ИДӨсүнө таасирин тастыктайт, мында берилген кредиттердин 19,2 пайызы импортту каржылоого багытталган (1-график).


**1-график. 2024-жылдын 30-июнуна карата кредиттердин тармактык түзүмү**




*Булагы: КБ*

Жергиликтүү банктардын кредит портфелинин 46,8 пайызы – өндүрүш секторуна (ИДӨ) жана 11,8 пайызы – импортту каржылоого багытталган. Чет өлкө банктары да көбүнчө экономиканын өндүрүш секторуна кредит берген (34,6 пайыз), ал эми импортту каржылоого багытталган кредиттердин үлүшү 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде кредит портфелинин 28,5 пайызын түзгөн (2-график).

**2-график. 2024-жылдын 30-июнуна карата банктардын топтору боюнча кредиттердин тармактык түзүмү**




*Булагы: КБ*


[13] Өндүрүштүк сектор дегенден улам, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүгө байланыштуу банк кардарларынын ишин (курулуш, байланыш жана ТТС кызмат көрсөтүүлөрү, транспорттук кызмат көрсөтүүлөр, кыймылсыз мүлктү ижарага алуу, мейманканалар, тойканалар ж.б.у.с.) түшүнүү зарыл.

**4-кыстырма. Коммерциялык банктардын статистикалык байкоо жүргүзүүсүнүн жыйынтыктары: ири кардарлар**

***Карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү***

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында DTI[14] көрсөткүчү боюнча эсептелинүүчү банктардын 15 ири кардарынын карыз оорчулугунун деңгээли 7,6 пайызды түзгөн, бул 2023-жылдын ушул эле көрсөткүчүнөн 1,4 пайыздык пунктка жогору (1-график).

**1-график. Банктардын 15 ири карыз алуучусу боюнча DTI деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Банктардын топтору боюнча алганда эң көп карыз оорчулугу **системалуу мааниге ээ банктардын** ири карыз алуучулары арасында байкалган (карыз алуучулардын негизги кирешесинин 10,2 пайызы) (1-таблица). Ошол эле учурда карыз оорчулугунун эң эле төмөн деңгээли 3,0 пайызды түзүү менен **маанилүү банктардын** ири карыз алуучулары боюнча белгиленген.

**1-таблица. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банктардын 15 ири карыз алуучусунун карыз оорчулугу**

| | Банк сектору | Системалуу мааниге ээ банктар | Маанилүү банктар | Чектелген мааниге ээ банктар |
|---|---|---|---|---|
| Кредиттер боюнча карыз калдыгы, *млрд сом* | 57,0 | 37,7 | 12,1 | 7,2 |
| 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы, *пайыздарда* | 19,8 | 23,6 | 12,3 | 24,0 |
| Кредиттер боюнча карызды тейлөөгө чыгашалардын карыз алуучулардын чогуу алгандагы кирешесине карата катышы, *пайыздарда* | 7,6 | 10,2 | 3,0 | 3,2 |

*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Чет өлкө капиталы катышкан банктарда карыз оорчулугунун деңгээли жергиликтүү банктарга караганда төмөн калыптанган (2-таблица).

**2-таблица. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү жана чет өлкө банктарындагы карыз оорчулугу**

| | Жергиликтүү банктар | Чет өлкө банктары |
|---|---|---|
| Кредиттер боюнча карыз калдыгы, *млрд сом* | 21,5 | 35,5 |
| 15 ири карыз алуучунун кредиттеринин банк секторунун кредит портфелинин жалпы көлөмүндө салыштырма салмагы, *пайыздарда* | 13,4 | 27,8 |
| Кредиттер боюнча карызды тейлөөгө чыгашалардын карыз алуучулардын чогуу алгандагы кирешесине карата катышы, *пайыздарда* | 12,6 | 3,5 |


*Булагы: КБ, Улуттук банк*

[14] DTI (debt-to-income) – карыз алуучунун кредит боюнча төлөө суммасынын (отчёттук мезгил ичинде негизги карыз суммасын жана пайыздык төлөмдөрдү кошо алганда) карыз алуучунун кредит берүү учурунда жарыяланган негизги жылдык кирешесине карата катышы.

***Карыз алуучулардын кредиттеринин камсыздалышы***

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгында банк сектору боюнча LTV[15] айкын деңгээли 67,9 пайызды түзгөн. Күрөөлүк камсыздоонун түптөлгөн деңгээли кредиттик каражаттардын күрөөлүк мүлк менен камсыз болуусунун салыштырмалуу жогору деңгээлин тастыктоодо (2-график). Ошол эле учурда системалуу мааниге ээ банктарда LTV мааниси маанилүү жана чектелүү мааниге ээ банктардагы жана бүтүндөй банк сектору боюнча маанилерге караганда төмөн катталган (3-график).

**2-график. 2024-жылдын 30-июнуна карата коммерциялык банктын бардык карыз алуучулары жана 15 ири карыз алуучусу боюнча LTV деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*

**3-график. 2024-жылдын 30-июнуна карата банктык топтор боюнча бардык карыз алуучулар жана 15 ири карыз алуучу боюнча LTV деңгээли**




*Булагы: КБ, Улуттук банк*


МАЗМУНУ

[15] LTV (loan-to-value ratio) – берилген кредиттердин көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоонун наркына карата катышы.

### *2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги*


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти 83,7 пайыздан (2022-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча) 78,8 пайызга чейин төмөндөгөндүгү белгиленген (2.2.6-график). Акча массасы көрсөткүчүнүн өсүшү (М2) экономикада улуттук валютадагы нак акча каражаттардын жана мөөнөттүү депозиттердин өсүшү менен шартталган (2.2.7-график).

**2.2.6-график. Банк секторунун ликвиддүүлүк көрсөткүчтөрү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.7-график. Акча массасынын (М2) жана акча базасынын өсүш арымдары**




*Булагы: Улуттук банк*

Банк секторунун ликвиддүүлүк коэффициентинин төмөндөшү күндөлүк милдеттенмелердин өсүш арымынын ликвиддүү активдердин өсүш арымынан артышы менен шартталган.

Активдер жана милдеттенмелер ортосунда төлөө мөөнөттөрү боюнча ажырым байкалган. Тактап айтканда, терс ажырым – төлөө мөөнөтү 1 айга чейинки жана 3 айдан 6 айга чейинки, ал эми оң ажырым төлөө мөөнөтү 1 айдан 3 айга чейинки, 6 айдан 12 айга чейинки жана 12 айдан жогору активдер жана милдеттенмелер ортосунда белгиленген (2.2.1-таблица).

**2.2.1-таблица. Финансылык активдерди жана милдеттенмелерди төлөө мөөнөтү**
*2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча, млн сом*

| Аталышы | Төлөө мөөнөтү | | | | | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 айга чейин | 1-3 ай | 3-6 ай | 6-12 ай | 12 айдан ашык | |
| Бардыгы болуп финансылык активдер, | 393 924 | 28 376 | 28 914 | 54 301 | 247 122 | 752 637 |
| анын ичинде кардарларга кредиттер жана финансылык ижара | 17 501 | 15 907 | 23 130 | 41 793 | 182 037 | 280 368 |
| Бардыгы болуп финансылык милдеттенмелер, | 434 797 | 20 012 | 29 176 | 49 960 | 79 752 | 613 697 |
| анын ичинде жеке адамдардын депозиттери жана юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 146 237 | 13 641 | 19 584 | 37 943 | 43 579 | 260 984 |
| Ажырым, | -40 873 | 8 364 | -262 | 4 342 | 167 369 | 138 940 |
| анын ичинде кредиттер жана депозиттер боюнча | -128 736 | 2 266 | 3 546 | 3 850 | 138 457 | 19 384 |

МАЗМУНУ

### *2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги*


#### *Каржылоонун ири булактарынын концентрацияланышы*

Кайтарым стресс-тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча айрым банктар бирден бешке чейин ири кардарлардын агылып чыгуусуна байланыштуу таасирлерге туруштук бере алган эмес, мындай учурда ликвиддүүлүк ченеми 45 пайыздык чектен төмөн калыптанат.

#### *Кредиттердин концентрацияланышы*

Айрым банктарда бирден бешке чейин ири карыз алуучулардын потенциалдуу дефолтко учурашы жөнгө салуучу капиталды Улуттук банктын экономикалык ченеминен төмөн деңгээлге чейин азайтышы мүмкүн.

**2.2.8-график. Кредит портфелинин тармактык концентрациялануусу**





*Булагы: КБ, Улуттук банк*

Жалпы кредиттөө деңгээлинин жогорулоосунун алкагында кредит портфелинин тармактык түзүмүндө кредиттердин соодага жана айыл чарбасына концентрациялануу деңгээли сакталып тургандыгы байкалган. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча соода тармагына берилген кредиттердин үлүшү өзгөргөн эмес, ал эми айыл чарбасына – тескересинче 2,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн (2.2.8-график).

### *2.2.4. Валюта тобокелдиги*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банк секторунун валюта тобокелдигинин орточо жылдык деңгээли орточо маанидe катталган. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында улуттук валютанын АКШ долларына карата курсу туруктуу катары белгиленген (2.2.9-график).

**2.2.9-график. USD/KGS номиналдуу алмашуу курсунун динамикасы**





*Булагы: Улуттук банк*

Бүтүндөй алганда банктарда активдердин жана милдеттенмелердин ачык валюталык позициялары Улуттук банктын экономикалык ченемдеринде белгиленген лимиттердин чегинде сакталып турган.

Банк секторунун валюталык позициясын кайра баалоодон орун алышы ыктымал болгон тобокелдик 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында минималдуу деңгээлде сакталып турган (VaR: таза суммардык капиталдын 0,1-1,5 пайызы, 2.2.10-график), б.а. банктар чет өлкө валютасы менен иштөөдө консервативдүү саясатка таянуу менен иш алып барып, валюта тобокелдигине азыраак дуушар болушкан.

Кароого алынган мезгил ичинде орточо алганда 12 банкта АКШ долларында узун валюта позициясы жана 7 банкта кыска валюта позициясы белгиленген (2.2.11-график).

**2.2.10-график. Ачык валюталык позициянын жана кайра баалоо тобокелдигинин (VaR) динамикасы**
*ТСКдан пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.11-график. Банктардын валюталык позициясы**




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

**5-кыстырма. Кредиттик жана валюта тобокелдиктери**

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 12,2 пайызын алар боюнча карыз алуучулардын кирешеси улуттук валютада топтолгон, бирок чет өлкө валютасында төлөнгөн кредиттер түзгөн (1-график). Кредит портфелинин бул көлөмү кредиттик жана валюта тобокелдиктерине потенциалдуу дуушар болгон.


Валюта тобокелдигинин кредиттик тобокелдикке тийгизген таасири 2-графикте көрсөтүлгөн, анда кредиттердин топтору боюнча классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган:

- 1-топ – 50,5 пайыз, мында карыз алуучунун негизги кирешелери улуттук валютада топтолот, ал эми кредиттер чет өлкө валютасында төлөнөт;
- 2-топ – 6,7 пайыз, мында негизги кирешелер жана карыз алуучу тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон кредиттер бирдей валютада топтоштурулат;
- 3-топ – 12,5 пайыз, мында карыз алуучунун негизги кирешелери чет өлкө валютасында топтолот, ал эми кредиттер улуттук валютада төлөнөт.

**1-график. Кредиттердин топтору боюнча кредит портфели[16]**




**2-график. Кредиттердин топтору боюнча классификацияланган кредиттердин үлүшү[17]**




*Булагы: КБ, кредит портфелинин көлөмү овердрафт боюнча кредиттерди эске алуусуз көрсөтүлгөн*

[16] Бул графикте кредиттер топторго бөлүштүрүү менен келтирилген. Мисалы, 2024-жылдын 30-июнуна карата 1-топ боюнча кредиттердин көлөмү 33,5 млрд сомду же кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн 12,2 пайызын түзгөн.


[17] Бул графикте кредиттердин ар бир тобу боюнча кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин үлүшү чагылдырылган. Мисалы, 2024-жылдын 30-июнуна карата 1-топ боюнча классификацияланган кредиттердин көлөмү 16,9 млрд сомду же 1-топ боюнча кредит портфелинин көлөмүнүн 50,5 пайызын (33,5 млрд сом) түзгөн.

### 2.2.5. Пайыздык тобокелдик

Отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча пайыздык тобокелдик деңгээли жогорулагандыгы байкалган, бул тобокелдик деңгээли боюнча бааланган активдердин таза суммардык капиталдан жогору арымда өсүшү менен шартталган.

Пайыздык тобокелдиктин орточо өлчөмү 2010-жылдан тартып 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгы аралыгында жол берилген чекте (таза суммардык капиталдан 1,9 - 4,4 пайыз) калыптанган (2.2.12-график).

**2.2.12-график. Пайыздык тобокелдиктин динамикасы (VaR)**
*ТСКдан пайыздарда*





*Булагы: Улуттук банк*

### *2.2.6. “Дуушарлануу” тобокелдиги*

Кыргыз Республикасынын банктар аралык кредит рыногунда орун алышы ыктымал болгон “дуушарлануу” тобокелдигинин таасирине баа берүү ушул талдап-иликтөөнүн максаты болуп саналат, ал банктардын биринде ликвиддүүлүк боюнча көйгөйлөр келип чыккан шартта бири-бирине таасирин тийгизиши мүмкүн.

**2.2.13-график. 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде банктар-резиденттер ортосунда келишилген банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмүн күрөөлүк камсыздоого жараша бөлүштүрүү**




*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча банктар аралык кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 7,7 млрд сомду түзгөн[18].

Кыргыз Республикасынын банк секторунда банктар аралык рыноктогу кредиттердин орду, негизинен, Улуттук банктын жогору ликвиддүү ноталар жана мамлекеттик баалуу кагаздар түрүндөгү күрөөлүк камсыздоо менен жабылат (2.2.13-график).

Жалпысынан, өлкөнүн банктар аралык кредит рыногунда “дуушарлануу” тобокелдигинин келип чыгуу ыктымалдыгы минималдуу, бул жогору ликвиддүү күрөөлүк камсыздоо менен шартталган.


МАЗМУНУ

[18] Мында, 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын ичинде банк-резиденттер ортосунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүн түшүнүү зарыл.

### *2.2.7. Өлкөлүк тобокелдик*

Коммерциялык банктардын маалыматына ылайык, резидент эместерде жайгаштырылган активдердин суммардык көлөмү 2024-жылдын 30-июнуна карата 129,6 млрд сомду же банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнүн 17,0 пайызын түзгөн. Жайгаштыруулардын олуттуу бөлүгү – Кыргыз Республикасынын банк секторунун активдеринин жалпы көлөмүнөн 11,7 пайызы (89,5 млрд сом) Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдө концентрацияланган.

**2.2.14-график. Активдердин географиялык түзүмү**





*Булагы: Улуттук банк*

Чет өлкөдө жайгаштырылган активдердин негизги үлүшү 106,5 млрд сом өлчөмүндө корреспонденттик жана депозиттик эсептерге же резидент эместерде жайгаштырылган активдердин жалпы көлөмүнүн 82,2 пайызына туура келген (2.2.14-график).

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктарынын резидент эместер алдында милдеттенмелери 83,6 млрд сомду же банк секторунун милдеттенмелеринин жалпы көлөмүнүн 13,6 пайызын түзгөн. Мындай ресурстардын олуттуу үлүшү резидент эмес жеке адамдардан жана юридикалык жактардан, ошондой эле банк-резидент эместерден депозиттер түрүндө тартылган, алардын өлчөмү 73,8 млрд сомду же резидент эместер алдында милдеттенмелердин жалпы көлөмүнүн 88,3 пайызын түзгөн.


Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөргө резидент эместер алдында милдеттенмелердин көлөмүнүн 2,4 пайызы, Казакстанга жана Россияга, тиешелүүлүгүнө жараша, 0,7 жана 8,8 пайызы туура келген (2.2.15-график).

**2.2.15-график. Милдеттенмелердин географиялык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*

**2.2.16-график. Өлкөлүк белгиси боюнча уставдык капитал**




*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча чет өлкө капиталы 12,2 млрд сомду же банк секторунун уставдык капиталынын жалпы көлөмүнүн 17,9 пайызын түзгөн. Чет өлкөлүк капиталдын түзүмү өлкө белгиси боюнча (2.2.16-график) төмөнкүлөргө таандык:

- Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюмуна кирген өлкөлөрдүн резиденттерине – 12,1 пайыз,
- Казакстандын резиденттерине – 4,8 пайыз,
- башка өлкөлөрдүн резиденттерине – 0,1 пайыз.

МАЗМУНУ

## 2.3. Банк секторун "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү

### *2.3.1. Кредиттик тобокелдикти "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү[19]*

Кредиттик тобокелдикти "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү аркылуу кредит портфелинде "классификацияланбаган" кредиттердин[20] жол берилген максималдуу үлүшү эсептелет, ал "классификациялангандар" категориясына өтүүдө капиталдын жетиштүүлүк коэффициентин (КЖК) 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн.


Бул ыкма буфердик капиталдын запасын (таза суммардык капитал) аныктоого мүмкүндүк берет, ал "классификацияланбаган" кредиттердин "классификацияланган" кредиттер[21] категориясына өтүшүнө байланыштуу РППУ боюнча кошумча чегерүүлөрдүн ордун жабышы ыктымал.

Мындан тышкары, бул ыкма "классификацияланган" кредиттердин максималдуу өсүш арымын эсептөөгө өбөлгө түзөт, мында капитал шайкештиги (К2.1) 12 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөйт.

Банк секторун 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча "классификацияланган" категориясына өтүп жаткан "классификацияланбаган" кредиттердин максималдуу жол берилген үлүшү банк сектору боюнча орточо алганда 89,1 пайызды түзгөн (2.3.1-график).


Ошентип, банк сектору кредит портфелинин сапатынын олуттуу начарлоосуна туруштук бере алат, анын ордун жабуу үчүн кошумча РППУ түзүү талап кылынышы мүмкүн. Мында кошумча РППУнун өлчөмү таза суммардык капиталдын 40,0 пайызына жетиши ыктымал (2.3.2-график).

**2.3.1-график. "Иштеп жаткан"[22] кредиттердин "классификацияланган" кредиттерге өтүүчү максималдуу жол берилген үлүшү [23]**
*классификацияланбаган кредиттерден пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

**2.3.2-график. Кошумча РППУ, мында аларды түзүүдө КЖК 12 пайыз деңгээлге чейин төмөндөшү мүмкүн**
*ТСКдан пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

[19] Проблемалуу банктарды эске албаганда.
[20] Тобокелдиксиз болуп саналган, "нормалдуу" категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[21] Мында, "иштеп жаткан" кредиттердин "классификацияланган" категориясына өтүшү үч категория ("субстандарттуу", "шектүү" жана "жоготуулар") боюнча бирдей жүрөт.
[22] Тобокелдиксиз болуп саналган, "нормалдуу" категориясындагы кредиттерди эске албаганда.
[23] Мында КЖК 12 пайыз деңгээлине чейин төмөндөйт.



МАЗМУНУ


### *2.3.2. Ликвиддүүлүк тобокелдигин "кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү*

Банк секторунун ликвиддүүлүк тобокелдигине баа берүү үчүн кардарлардын депозиттик базасынын жалпы көлөмүнөн депозиттердин массалык түрдө агылып чыгуусунун ордун жабууга жөндөмдүү ликвиддүү активдердин запасы эсептелген, мында Улуттук банктын күндөлүк ликвиддүүлүк боюнча экономикалык ченеми бузулган эмес.

**Таасир** – бул жеке адамдардын жана финансылык эмес ишканалардын депозиттеринин агылып чыгуусунун максималдуу көлөмү, ал ликвиддүүлүк ченемин 45 пайыз чектүү деңгээлге чейин төмөндөтүшү мүмкүн.

"Кайтарым" стресс-тесттен өткөрүү натыйжалары (2.3.3-график), 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча банк секторунун ликвиддүү активдеринин айкын көлөмү депозиттердин агылып чыгуусунун кардарлардын депозиттик базасынын жалпы көлөмүнүн орточо алганда 59,4 пайызынын ордун жабууга жөндөмдүү экендигин көрсөткөн (2.3.1-таблица).

**2.3.3-график. Депозиттердин агылып чыгуу өлчөмү, мында К3.1 45 пайызга чейин төмөндөйт**
*кардарлардын депозиттеринин жалпы көлөмүнөн пайыздарда*




*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

### *2.3.3. Рыноктук тобокелдиктерди “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү*

Рыноктук тобокелдиктерди “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыгына ылайык, 2024-жылдын 30-июнуна карата банк сектору пайыздык жана валюта тобокелдиктерине бир аз эле дуушарланышын мүмкүн.

#### *Пайыздык тобокелдик*

**1-сценарий** – кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин төмөндөшү, мында капиталдын шайкештик деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү натыйжаларына ылайык, тике пайыздык тобокелдик таасири банк секторуна анчалык таасирин тийгизбейт. Кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээлинин 19,0 пайыздык пунктка азайышы капиталдын шайкештик деңгээлин 12 пайызга чейин төмөндөтүшү мүмкүн (2.3.1-таблица).

Жалпы алганда, “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыгы боюнча банк сектору төмөн пайыздык тобокелдик деңгээлине ээ.

#### *Валюта тобокелдиги (кайра баа берүү тобокелдиги)*

Банк секторунун валюта тобокелдигине баа берүү үчүн сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы эсептелген, ал капитал шайкештигине жана таза пайдага да таасирин тийгизет.

**1-сценарий** – сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы, мында капиталдын шайкештик (К2.1) деңгээли чектүү деңгээлге чейин (12 пайыз) төмөндөйт.

“Кайтарым” стресс-тесттен өткөрүүнү эсептөөлөр, банк секторунда активдерге жана милдеттенмелерге кайра баа берүү тобокелдиги төмөн экендигин көрсөтүү менен валюталык тобокелдикке ийкемдүүлүк деңгээлинин төмөндүгүн тастыктайт (2.3.1-таблица).

**2-сценарий** – сомдун АКШ долларына карата алмашуу курсунун максималдуу өсүш арымы, мында коммерциялык банктардын таза пайдасы нөлдүк деңгээлге чейин төмөндөйт.

Стресс-тестирлөөнүн жыйынтыктары коммерциялык банктар валюталык тобокелдиктин таасирине туруштук берип жаткандыгын көрсөтүп турат (2.3.1-таблица).

МАЗМУНУ

**2.3.1-таблица. 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча “кайтарым” стресс-тесттен өткөрүүнүн жалпы жыйынтыктары**

| | | **Банк сектору** |
|---|---|---|
| **Кредиттик тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | “Классификацияланган” категорияга өткөн классификацияланбаган кредиттердин үлүшү, *пайыздарда* | 89,1 |
| **Пайыздык тобокелдик** | | |
| 1-сценарий | Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин төмөндөшү, мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздык пунктарда* | 19,0 |
| **Валюта тобокелдиги** | | |
| 1-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти 12% чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | валюта курсунун 100% өзгөрүшү (сом, АКШ доллары) |
| 2-сценарий | USD/ KGS курсунун өсүш арымы (±), мында таза пайда нөлдүк деңгээлге чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | |
| **Ликвиддүүлүк тобокелдиги** | | |
| 1-сценарий | Депозиттердин жана кредиттердин жалпы көлөмүнөн кардарлардын депозиттеринин жана алынган кредиттердин үлүшүнүн агылып чыгуусу, мында күндөлүк ликвиддүүлүк коэффициенти 45% чейин төмөндөйт, *пайыздарда* | 59,4 |

# III. БАНК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТ УЮМДАРЫ

***Жалпысынан, банк эмес финансы-кредит уюмдары (БФКУ) системасынын абалы орточо туруктуу катары бааланат. Активдер, кредит портфели жана ресурстук база сыяктуу негизги көрсөткүчтөр өсүндүгү белгиленген. Мында, отчёттук мезгилде БФКУлардын рентабелдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү төмөндөө тенденциясына ээ болгон.***

***Стресс-тесттердин жыйынтыктары БФКУ системасынын кредиттик тобокелдиги орточо деңгээлде экендигин көрсөткөн.***


***Микрофинансылык уюмдардын кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендери 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда жогорулаган.***

## 3.1. Негизги тенденциялар

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында Улуттук банктан лицензия алууга жана иши ал тарабынан жөнгө салынууга тийиш болгон банк эмес финансы-кредит уюмдары системасында: адистештирилген финансы-кредит уюму – “Кредиттик союздардын каржы компаниясы” ААК, 79 кредиттик союз, 113 микрофинансылык уюм (анын ичинде 10 микрофинансылык компания, 68 микрокредиттик компания жана 35 микрокредиттик агенттик) жана 667 алмашуу бюросу камтылган.

### *Ресурстар*

**3.1.1-график. БФКУ милдеттенмелеринин жана капиталынын динамикасы**





*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча БФКУнун милдеттенмелери 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырмалуу 36,2 пайызга жогорулап, 25,7 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. 2024-жылдын 30-июнуна карата БФКУ капиталы 33,0 пайызга көбөйүп, 29,9 млрд сомду түзгөн (3.1.1-график).

### *Активдер*

Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчёттун маалыматтарына ылайык, БФКУнун чогуу алгандагы активдери 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында 34,5 пайызга жогорулап, 55,6 млрд сомду[24] түзгөн. Мындай жогорулоо БФКУнун кредит портфелинин көбөйүүсүнүн эсебинен камсыздалган (3.1.2-график).

**3.1.2-график. БФКУ активдеринин жана кредиттеринин динамикасы**





*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

БФКУ ишинин негизги багыты катары дале кредиттөө саналат. 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУнун кредит портфелинин көлөмү 27,2 пайызга көбөйүп, 44,4 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн.

2024-жылдын 30-июнуна карата карыз алуучулардын саны 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,9 пайызга өсүп, 531 780 адамды түзгөн.

Отчёттук мезгил ичинде БФКУ сунуштаган кредиттердин түзүмүндө ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча узак мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү кредиттик ресурстар, ошондой эле кыска мөөнөттүү кредиттер азайгандыгы байкалган (3.1.3-график).

**3.1.3-график. БФКУ тарабынан берилген кредиттердин ордун жабуу мөөнөттөрү боюнча түзүмү, пайыздарда[25]**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

БФКУнун кредит портфелинин басымдуу бөлүгү топтолгон (чогуу алгандагы кредит портфелинен 76,4 пайызы) негизги региондордон болуп мурдагыдай эле Бишкек шаары, Чүй, Ош жана Жалал-Абад областтары катталган, бул республиканын аталган региондорунда ишкердик жигердүүлүгүнүн жогору болушуна байланыштуу келип чыккан.

[24] АФКУну эсепке албаганда.


[25] Бир мезгил ичиндеги маалыматтар.

МАЗМУНУ

### *Кирешелүүлүк*[26]

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча БФКУнун таза пайдасы 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 13,2 пайызга көбөйүп, 1,9 млрд сомду түзгөн. 2024-жылдын июнь айынын акырына карата ROA кирешелүүлүк көрсөткүчү 0,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 3,8 пайызды түзгөн, ал эми ROE көрсөткүчү 0,9 пайыздык пунктка азайуу менен 7,1 пайызды түзгөн (3.1.4- график).

**3.1.4-график. БФКУнун кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**[27]




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

[26] ROA жана ROE индикаторлору жылдык маниде берилген.
[27] АФКУну эсепке албаганда.

## 3.2. Банк эмес финансы-кредит уюмдарынын тобокелдиктери


БФКУ ишиндеги тобокелдиктердин негизги факторлорунан болуп кредит портфелинин сапаты, тармактык жана институционалдык концентрация, ошондой эле БФКУ секторунун тышкы карызынын абалы саналат.

### *БФКУнун кредит портфелинин сапаты*

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУнун кредит портфелиндеги классификацияланган кредиттердин үлүшү 4,3 пайызды түзгөн, мында алардын номиналдык көлөмү 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 380,9 млн сомго же 25,2 пайызга көбөйгөндүгү байкалган (3.2.1- график).


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда БФКУнун классификацияланган кредиттеринин түзүмүндө соодага (2,7 пайыздык пунктка) жана айыл чарбага (0,6 пайыздык пунктка) берилген тейленбеген кредиттердин үлүшү азайгандыгы жана керектөө максаттарына берилген кредиттердин (3,6 пайыздык пунктка) үлүшү тескерисинче көбөйгөндүгү белгиленген. БФКУнун классификацияланган кредиттеринин жалпы көлөмүндө тейленбеген керектөө кредиттеринин, соодага жана айыл чарбага берилген кредиттердин үлүшү, тиешелүүлүгүнө жараша, 40,2, 20,8 жана 18,7 пайызды түзгөн (3.2.2-график).

**3.2.1-график. БФКУнун кредит портфелинин сапаты**




*Булагы: Улуттук банк*

**3.2.2-график. БФКУнун экономиканын тармактары боюнча классификацияланган кредиттеринин түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк*


### *Тармактык концентрация*

БФКУнун кредит портфели керектөө кредиттеринен (БФКУнун кредиттеринин жалпы көлөмүнүн 39,5 пайызы), ошондой эле айыл чарбага жана соодага берилген кредиттерден (кредит портфелинин жалпы көлөмүнүн, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,8 жана 11,5 пайызы, 3.2.3-график) турат. Айыл чарбаны кредиттөө жаратылыш-климат шарттарына олуттуу көз карандылыгы менен коштолгон.

### *Институционалдык концентрация*


2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча үч ири БФКУнун активдеринин үлүшү 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 0,7 пайыздык пунктка азайып, БФКУ системасынын активдеринин жалпы көлөмүнүн 51,8 пайызын түзгөн (3.2.4-график).

**3.2.3-график. БФКУнун кредит портфелинин тармактык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

**3.2.4-график. БФКУнун активдеринин институционалдык түзүмү**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*


МАЗМУНУ

## 6-кыстырма. Концентрациялануу индекстеринин негизинде БФКУ секторунун ишине баа берүү[28]

### *Херфиндаль-Хиршман индекси*

БФКУ секторундагы концентрациялануу тобокелдигин талдоо максатында Херфиндаль-Хиршман индекси эсептелинген[29]. 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУ системасы үчүн индекстин мааниси 1 174,0 пунктту түзгөн. Эмпирикалык эрежеге ылайык[30], алынган маани БФКУнун активдеринин орточо концентрациялануусун же микрофинансылык рыноктун орточо концентрациялануусун көрсөтүп турат.

**1-график. Джини индексинин жана алты ири БФКУнун активдеринин динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк, БФКУ*

### *Джини индекси*

Джини индекси БФКУнун активдеринин бирдей бөлүштүрүлүшүн баалоо максатында эсептелип чыгарылган. 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча индекстин мааниси 0,35 түзгөн. 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу Джини индекси 0,12 пайыздык пунктка төмөндөгөн, бул алты ири БФКУ ортосунда активдердин бөлүштүрүлүшүнүн концентрациялануу деңгээли төмөндөгөндүгүн билдирет (1-график).

МАЗМУНУ

---

[28] Концентрациялануу индекстери алты ири БФКУнун маалыматтарынын негизинде эсептелинген.

[29] $H = \sum_{i=1}^{n}(үлүшүi)$^2.

[30] Рыноктун концентрациялануу деңгээлин аныктоонун төмөнкүдөй эмпирикалык эрежеси колдонулган:
- индекс 0,1ден (же 1,000) төмөн мааниге ээ – рыноктун бир аз концентрациялануусу;
- индекс 0,1ден 0,18ге чейинки (же 1,000ден 1,800гө чейинки) мааниге ээ – рыноктун орточо концентрациялануусу;
- индекс 0,18ден (же 1,800) жогору мааниге ээ – рыноктун жогорку концентрациялануусу.

### *БФКУнун тышкы карызынын абалы*

2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча БФКУнун тышкы карызынын көлөмү 304,8 млн АКШ долларын түзгөн. БФКУнун тышкы карызынын басымдуу бөлүгү эл аралык финансы институттар тарабынын сунушталган кредиттерден (БФКУнун тышкы карызынын жалпы көлөмүнүн 67,9 пайызы), ал эми калган бөлүгү (32,1 пайыз) – чет өлкөлүк финансы-кредит уюмдарынын кредиттеринен турат.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ири БФКУнун тышкы карызы 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 187,8 пайызга көбөйүп, 298,8 млн АКШ долларын түзгөн.

## 3.3. Банк эмес финансы-кредит уюмдар секторун стресс-тесттен өткөрүү

**БФКУнун кредиттик тобокелдигин стресс-тесттен өткөрүү**


Кредит портфелинин сапатынын начарлашынын БФКУ секторуна таасирин баалоо үчүн стресс-тест өткөрүлүп, анын алкагында төмөнкү үч сценарий каралган:

- *1-сценарий:* кредиттердин 50 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү;
- *2-сценарий:* кредиттердин 75 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү;
- *3-сценарий:* кредиттердин 100 пайызынын бир категориядан экинчиге өтүүсү.

Мында, кредиттердин бир категориядан "стандарттуу", "байкоого алынган", "субстандарттуу", "шектүү" жана "жоготуулар" сыяктуу экинчи категорияларга өтүүсү бирдей жүрөт.

Бул стресс-тестирлөөнү жүргүзүүдө БФКУнун кредит портфелиндеги РППУ[31] көлөмү тандалып алынган сценарийге жараша 144,3 пайыздан 263,5 пайызга чейин жогорулаган (3.3.1-график).

**3.3.1-график. 2024-жылдын 30-июнуна карата абал боюнча кредиттик тобокелдикти стресс-тестирлөө жыйынтыктары**




*Булагы: Улуттук банк*

Кредит портфелинин сапатынын начарлашы БФКУнун өздүк капиталынын жана таза пайдасынын акырындык менен азайышына алып келе тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Үч сценарий ишке ашкан учурда, БФКУ сектору, тиешелүүлүгүнө жараша, 1 043,2, 2 243,4 жана 3 443,5 млн сом өлчөмүндө чыгым тартат (3.3.1-график).

МАЗМУНУ

[31] МФУ активдин суммасынан пайыздык катышта көрсөтүлгөн чегерүүлөрдүн төмөнкүдөй өлчөмдөрүн жүзөгө ашыруу менен классификациянын тиешелүү категориялары үчүн жалпы жана атайын РППУ түзүшөт:

| | |
|---|---|
| - стандарттуу, пайыздарда | – 0дөн 5ке чейин; |
| - байкоого алынган активдер, пайыздарда | – 10; |
| - субстандарттуу, пайыздарда | – 25; |
| - шектүүлөр, пайыздарда | – 50; |
| - жоготуулар, пайыздарда | – 100. |

**3.3.1-таблица. Кредиттик тобокелдикти стресс-тесттен өткөрүү жыйынтыктары,** ***пайыздар***

| | БФКУнун кредит портфелинде классификацияланган кредиттердин үлүшү |
|---|---|
| 1-сценарий: кредиттердин 50% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 16,1 |
| 2-сценарий: кредиттердин 75% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 22,1 |
| 3-сценарий: кредиттердин 100% бир категориядан экинчи категорияга өтүшү | 28,2 |

*Булагы: Улуттук банк*

Биринчи сценарий ишке ашкан шартта, БФКУнун кредит портфелиндеги проблемалуу кредиттердин үлүшү 11,8 пайыздык пунктка, 16,1 пайыз деңгээлине чейин көбөйүшү мүмкүн. Экинчи сценарий ишке ашкан учурда, проблемалуу кредиттер 17,9 пайыздык пунктка, 22,1 пайыздык деңгээлге чейин көбөйүшү мүмкүн, ал эми үчүнчү сценарий ишке ашса – 23,9 пайыздык пунктка, 28,2 пайыздык деңгээлге чейин жетиши мүмкүн.

МАЗМУНУ

# IV. ТӨЛӨМ СИСТЕМАЛАРЫ

***Отчёттук мезгилде системалуу мааниге ээ төлөм системаларында тобокелдиктер деңгээли жол берилген чекте түптөлгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана төлөм системаларынын эрежелеринде каралган тобокелдиктерди тескөө механизмдери, атап айтканда сакталып турган ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээли менен шартталган. Чекене төлөмдөр системаларында жогору тобокелдик белгиленген, ал биринчи кезекте дүйнөдө орун алып жаткан геосаясий жагдай жана башка өлкөлөр тарабынан киргизилген чектөөлөр, ошондой эле система ичинде бир жолку иш үзгүлтүктөр менен шартталган.***

Өлкөнүн финансы секторунун иш туруктуулугун аныктаган негизги факторлордун бири катары натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштеген төлөм системасы саналат.

2024-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасында төлөм системасынын төмөнкү компоненттери иштеген:

1) Улуттук банктын ири төлөм системасы – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ);

2) чекене төлөмдөр системасы: Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС), төлөм карталары менен эсептешүү системалары, акча которуу системалары, электрондук акча менен эсептешүү системалары, үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системалары;


3) финансылык билдирүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү үчүн инфраструктура – SWIFT сервис-бюросу, банктар аралык коммуникациялык тармак.

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча төлөм системаларынын маанилүүлүгү критерийлерине ылайык төмөнкүлөр:

1. системалуу мааниге ээ төлөм системалары болуп ГСРРВ жана ПКС системалары таанылган;


2. улуттук төлөм системалары болуп ГСРРВ, ПКС жана “Элкарт” системалары таанылган.

**4.1-график. ГСРРВда төлөмдөрдүн жана ликвиддүүлүк көлөмүнүн орточо күндүк көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы**




*Булагы: Улуттук банк*

**4.2-график. ГСРРВдагы жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы**




| | 1 ж/ж 2020 | 1 ж/ж 2021 | 1 ж/ж 2022 | 1 ж/ж 2023 | 1 ж/ж 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр, % | 0,2 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 99,8 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли, % | 4,0 | 4,5 | 4,2 | 2,7 | 3,3 |

*Булагы: Улуттук банк*

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде ГСРРВ штаттык режимде иштеген. ГСРРВда финансылык тобокелдиктердин деңгээли катышуучулардын эсептериндеги ликвиддүү каражаттардын жогору деңгээлинин эсебинен төмөн калыптанган: катышуучулардын орточо күндүк ликвиддүү каражаттарынын көлөмү 2023-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 34,2 пайызга көбөйүп, 64,0 млрд сомду түзгөн.

ГСРРВнын жеткиликтүүлүк деңгээли 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 100,0 пайызды түзүү менен жогору мааниде сакталып калган. Мында операциялык тобокелдик деңгээли операциялык күндүн узартылышын эске алганда 3,3 пайызды түзгөн.

Отчёттук мезгилде СПКнын ичинде финансылык тобокелдиктердин деңгээли да төмөн түптөлгөн.


Катышуучулар тарабынан дебеттик таза позициянын ордун жабууга каралган каражаттар зарыл деңгээлден төрт эсеге ашкан. ПКСтин ишине мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча системанын жеткиликтүүлүк көрсөткүчү отчёттук мезгил ичинде жогору бойдон калып, 99,9 пайызды түзгөн. Бирок, системанын жеткиликтүүлүгүнө таасирин тийгизбеген иш үзгүлтүктөрүн, ошондой эле системанын айрым катышуучуларынын суроо-талабы боюнча узартылышын эске алганда, системада операциялык тобокелдиктин деңгээли 3,8 пайызды түзгөн.

Аталган системалар Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын негизги катышуучулары болуп саналат. Системалуу мааниге ээ төлөм системаларынын ишиндеги үзгүлтүктөр өлкөнүн төлөм жана банк системалары үчүн системалуу тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн, ушундан улам аларга карата жогорулатылган талаптар колдонулат.

**Банктык төлөм карталары менен эсептешүү системалары.** 2024-жылдын 1-июлуна карата Кыргыз Республикасында алты эл аралык система, "Элкарт" улуттук системасы иштеп турган.

Отчёттук мезгил ичинде **"Элкарт" улуттук системасы менен** 21 коммерциялык банк иш алып барган.


### 4.3-график. ПКСте жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




| | 1 ж/ж 2020 | 1 ж/ж 2021 | 1 ж/ж 2022 | 1 ж/ж 2023 | 1 ж/ж 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Техникалык үзгүлтүктөр, % | 0,05 | 0,5 | 0,0 | 0,4 | 0,1 |
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 100,0 | 99,5 | 100,0 | 99,6 | 99,9 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли, % | 2,8 | 6,2 | 3,3 | 2,7 | 3,8 |

*Булагы: Улуттук банк*

### 4.4-график. ББПБда жеткиликтүүлүк көрсөткүчүнүн жана операциялык тобокелдиктин катышы




| | 1 ж/ж 2020 | 1 ж/ж 2021 | 1 ж/ж 2022 | 1 ж/ж 2023 | 1 ж/ж 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Жеткиликтүүлүк коэффициенти, % | 100,0 | 99,7 | 100,0 | 100,0 | 99,8 |
| Операциялык тобокелдик деңгээли, % | 0,0 | 0,3 | 0,0 | 0,0 | 0,2 |

*Булагы: Улуттук банк*

МАЗМУНУ

2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында системанын ишине мониторинг жүргүзүү жана аны талдоо жыйынтыгы боюнча "Элкарт" жеткиликтүүлүк көрсөткүчү 99,8 пайызды, ал эми системада операциялык тобокелдик деңгээли 0,2 пайызды түзгөн.

**Акча которуу системалары.** 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде коммерциялык банктарда эсеп ачуусуз эл аралык акча которууларды алуу жана жөнөтүү 11 **эл аралык акча которуу системалары** аркылуу жүзөгө ашырылган.

Электрондук акча менен эсептешүү системалары. 2024-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча идентификацияланган электрондук капчыктардын саны 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда 23,6 пайызга жогорулап, болжолу менен 2,7 млн капчыкты түзгөн.

Электрондук акча жүгүртүү көрсөткүчтөрү 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгы ичинде 2023-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда төмөнкүнү түзгөн:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу операцияларынын көлөмү 39,8 пайызга өсүп, 16,5 млрд сомду түзгөн, акча которуулардын саны 9,6 млн операцияны түзүү менен эки эсе өскөн;
- электрондук акчанын ордун жабуу операцияларынын саны 28,1 пайызга жогорулап, 2,3 млн операцияны, ал эми көлөмү 33,2 пайызга жогорулап, 11,4 млрд сомду түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө операцияларынын көлөмү 41,0 пайызга өсүү менен 18,2 млрд сомду, ал эми саны эки эсе жогорулап, 19,6 млн операцияны түзгөн;
- электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны жайылтуу операцияларынын саны 92,3 пайызга жогорулап, 10,0 млн операцияны, ал эми көлөмү 40,9 пайызга жогорулап, 22,4 млрд сомду түзгөн.

**Финансылык билдирүүлөр менен алмашуу каналдары.** 2024-жылдын биринчи жарым жылдыгында чек ара аркылуу өтүүчү финансылык билдирүүлөр менен алмашуу SWIFT телекоммуникациялык тармагы, "банк-кардар" сервистери жана банктар аралык коммуникациялык тармак аркылуу ишке ашырылган. Мында негизги агым SWIFT телекоммуникациялык тармагына туура келген.

2024-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын төлөм инфраструктурасына үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча 26 банк эмес система кирген, мында 38 уюм төлөм системасынын оператору лицензиясына ээ.

Алынган маалыматтарды талдоонун жыйынтыгы боюнча отчёттук мезгилде төлөм системаларынын операторлору тарабынан жалпы 248,9 млрд сом суммасына 135,1 млн төлөм иштелип чыккан. 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 46,0 пайызга өскөн, ал эми саны 13,4 пайызга көбөйгөн.

Рынокто үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу системаларынын саны көп болгондуктан, бул сегментте атаандаштык кыйла өнүккөн.

Эскертүү: жогоруда белгиленген маалыматтар, атап айтканда, коммерциялык банктар жана төлөм системаларынын операторлору сунуштаган отчёттордун негизинде даярдалган жана алар корректировкаларды киргизген шартта өзгөрүшү мүмкүн.

# V. ФИНАНСЫ СЕКТОРУНУН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ ӨРКҮНДӨТҮҮ

***Отчёттук мезгилде финансы-кредит уюмдарынын ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү иши ислам каржылоо принциптерин өркүндөтүүгө, банктык кызматтарды сунуштоо шарттарын, кредиттөө шарттарын өнүктүрүүгө жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого багытталган.***

1. Кадимки банк эмес финансы-кредит уюмдары үчүн сыяктуу эле, операцияларды ислам каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдары үчүн бирдей укуктук чөйрө түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 14-февралында №2024-П-12/5-4-(НПА) "Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын финансылык отчётторун түзүүгө, жарыялоого жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына берүүгө карата талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

2. Кепилдик фонддор тарабынан Улуттук банкка берилүүчү регулятивдик отчёттордун формаларын жана форматтарын бекитүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 28-февралындагы №2024-П-12/8-3-(НПА) токтому менен Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу эрежелеринин жаңы редакциясы бекитилген.

3. Жеке ишке катары ишкердикти жүзөгө ашырган банк кардарларын – Кыргыз Республикасынын жарандарын аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 28-февралында №2024-П-12/8-4-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын "Кардарларды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо тартиби жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

4. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 14-декабрындагы №207 "Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" мыйзамына ылайык келтирүү максатында 2024-жылдын 13-мартында Улуттук банк Башкармасы тарабынан №2024-П-12/10-3-(БС) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому кабыл алынган.

5. "Кредиттик союздардын каржы компаниясы" ААК тарабынан Улуттук банкка берилүүчү регулятивдик отчёттордун формаларын жана форматтарын кайра карап чыгуу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 20-мартындагы №2024-П-12/12-2-(НФКУ) "Кредиттик союздардын каржы компаниясы" ААКтын ишин жөнгө салуу эрежелеринин жаңы редакциясы бекитилген.

6. 2024-жылдын 3-апрелинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №2024-П-12/15-1 "Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 14-декабрындагы №2022-П-12/78-7-(НПА) "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому бекитилген.

Токтом системалуу мааниге коммерциялык банктар тарабынан сакталуучу суммардык капиталдын жетиштүүлүк (шайкештик) коэффициентинин маанисин (К2.1) сактоо мөөнөттөрүн өзгөртүүгө багытталган.

7. Банкта маалымат системалары жана маалымат коопсуздугу боюнча операциялык тобокелдикти төмөндөтүү максатында 2024-жылдын 12-апрелинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын №2024-П-12/17-2-(НПА) "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына маалымат коопсуздугуна аудит жүргүзүү

МАЗМУНУ

маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2024-жылдын 12-апрелинде Улуттук банк Башкармасынын №2024-П-12/17-3-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына рейтингдик агенттиктерди таануу маселеси боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомун кабыл алган.

Токтомдо рейтингдик агенттиктердин, банк менен аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операциялардын рейтингдерин пайдалануу боюнча өзгөртүүлөр каралган.

9. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын көзөмөл тажрыйбасын эске алуу менен таасир этүү чаралары боюнча талаптарды өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2024-жылдын 15-майында №2024-П-12/22-1-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

10. Финансылык кызматтарды керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, ошондой эле өлкөнүн улуттук жана азык-түлүк коопсуздугун камсыздоого көмөктөшүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 5-июлундагы №2024-П-12/28-2-(НПА) токтому менен Улуттук банктын айрым ченемдик укуктук актыларына күрөөлүк коэффициент, айыптык санкциялар (үстөк айып) жана банктардын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) өлчөмү маселелери боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.

Бул токтомго ылайык, финансы-кредит уюмдары үчүн кыймылсыз мүлк боюнча күрөөлүк коэффициентти (б.а. кредитти камсыздоо катары кабыл алынып жаткан күрөө предметинин рыноктук наркын төмөндөтүү коэффициенти) күрөөлүк камсыздоо наркынын 50 пайызынан ашпаган өлчөмдө белгилөө жагында жаңы талаптар киргизилген.

Ошентип, финансы-кредит уюмдары кыймылсыз мүлк боюнча күрөөлүк коэффициентти белгилөөдө, кредит берилип жаткан учурга карата күрөөлүк камсыздоо наркынын 50 пайызынан ашпаган өлчөмдө, күрөөлүк коэффициентти төмөндөтүүгө укуктуу.

Токтомдо ошондой эле төмөнкүлөргө тиешелүү маселелер каралган:

1) карыз алуучунун мөөнөтү өтүп кеткен кредиттик карыз боюнча эсептелген үстөк айып (туум, айып пул) өлчөмүн төмөндөтүү;

2) улуттук экономиканы камсыздоого өбөлгө түзгөн артыкчылыктуу долбоорлорду каржылоону колдоого алуу;

3) коммерциялык банктардын кайрадан берилүүчү кредиттери боюнча пайыздык чендерди төмөндөтүү, анын ичинде керектөө кредиттери, соодага кредиттер жана коммерциялык максаттарга берилүүчү кредиттер боюнча.

11. Активдерди классификациялоо жана ислам каржылоо принциптери боюнча кредиттик тобокелдиктерди тескөө жагында өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында 2024-жылдын 5-июлунда Улуттук банк Башкармасынын №2024-П-12/28-3-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

12. Ислам каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган банк эмес финансы-кредит уюмдарынын регулятивдик отчётторунун формаларын актуалдаштыруу максатында 2024-жылдын 21-августунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан №2024-П-12/37-1-(НПА) “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

МАЗМУНУ

# ГЛОССАРИЙ

*Банктык аманат (депозит)* – бул финансы-кредит уюму башка жак менен түзгөн келишим боюнча кайтарымдуулук, төлөөгө жөндөмдүүлүк, мөөнөттүүлүк шарттарында кабыл алынган акча каражаттар суммасы. Аманаттар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү болуп бөлүнөт. Талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын сактоо мөөнөтү көрсөтүлбөйт, ал эми мөөнөттүү аманаттар – белгилүү бир мөөнөткө салынат.

*Банктык кредиттер* – бул банк тарабынан белгилүү бир мөөнөткө кайтарымдуулук жана кредиттик пайызды төлөөгө жөндөмдүүлүк шарттарында берилген акча каражаттары.

*Валюта рыногу* – чет өлкө валютасын сатып алуу-сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган рынок. Экономикалык мазмуну боюнча – бул акча рыногунун сектору, мында валюта сыяктуу өзгөчө товарга суроо-талап менен сунуш тең салмактанып турат. Өз багыты жана уюштуруу формасы боюнча бул атайын институттар жана механизмдер топтому, алар өз ара суроо-талап менен сунуштун негизинде улуттук жана чет өлкө валютасын эркин сатуу жана/же сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

*Акча рыногу* – бул катышуучулар ортосунда кредиттер жана баалуу кагаздар формасындагы каражаттар кыска мөөнөткө сунушталган жана алынган рынок.

*Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү* – баалуу кагаз боюнча жылдык кирешенин анын рыноктук баасына карата катышы; баалуу кагаздын ээси алган пайда ченеми (нормасы).

*Турак жайдын жеткиликтүүлүк индекси* – жарандардын квартира сатып алуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан алганда, турак жай рыногунун абалынын көрсөткүчү. Стандарттуу квартиранын (54 чарчы метр жалпы аянты менен) орточо рыноктук наркы үч адамдан турган үй-бүлөнүн (эки чоң адам жана бир өспүрүм) орточо жылдык кирешесине катышы катары эсептелет.

*Төлөм системаларынын жеткиликтүүлүк коэффициенти* – системанын пайдалануучулары үчүн алардын талаптары боюнча кызмат көрсөтүүлөрдөн жана маалыматтардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү катары системанын жеткиликтүүлүгүн мүнөздөгөн көрсөткүч. Техникалык үзгүлтүктөрдөн улам иштебей токтоп калуулар, электр энергиясын өчүрүүлөр, системанын операциялык күнүн кеч баштоо же эрте аяктоо, системадан пайдалануу убактысын кыскартат.

*Төлөм системаларынын ликвиддүүлүк коэффициенти* системанын катышуучуларынын эсептеринде төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн ликвиддүү каражаттардын жетиштүүлүгүн мүнөздөйт.

*Макропруденциалдык талдап-иликтөө* – бүтүндөй финансы системасынын күчтүү жактарын жана чабал жерлерин баалоо жана мониторинг жүргүзүү.

*Минималдуу керектөө бюджети* – жашоо минимумуна ылайык келген минималдуу ыңгайлуулуктардын жана кызмат көрсөтүүлөр топтомунун наркы.

*Баалуу кагаздар рыногу* – уюштурулган биржалар жана түзүмдөр (баалуу кагаздардын компания-депозитарийлери, эсепке алуу жана клирингдик палаталар), ошондой эле биржанын ишине байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган башка компаниялар. Бул категорияга иши финансылык корпорациялар тарабынан камсыздалган депозитарийлер жана электрондук клиринг системалары, ошондой эле биржалардын жана аларга байланыштуу институционалдык бирдиктердин ишине көзөмөл жүргүзгөн же аларды жөнгө салган улуттук өз алдынча жөнгө салуучу уюмдар кирет.

*Стресс-тесттер* – портфелдин макроэкономикалык жагдайда же өзгөчө, бирок чындыкка жакын жагдайларда олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болушуна баа берүү үчүн колдонуучу ыкмалар.

*Жумушсуздук деңгээли* – айкын жумушсуз жарандардын санынын экономикалык жигердүү калктын жалпы санына карата пайыздык катышы.

*Финансылык активдер* өзүндө капиталга катышуу инструменттерин жана инвестициялык фондулардын пайларын/акцияларын, карыздык инструменттерди, туунду финансылык инструменттерди кызматкерлер үчүн акцияларга опциондорду жана монетардык алтынды камтыйт.

*VaR (value at risk)* – белгилүү бир мезгил ичинде мүмкүн болуучу акчалай түрдө максималдуу жоготуулар.

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

ААК – ачык акционердик коому

АКШ – Америка Кошмо Штаттары

АӨБ – Азия өнүктүрүү банкы

АФКУ – адистештирилген финансы-кредит уюму

БФКУ – банк эмес финансы-кредит уюмдары

ГСРРВ – Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы

ЖАК – жабык акционердик коому

Жер ресурстары кызматы – Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматы

ИДӨ – ички дүң өнүм

КБ – коммерциялык банк

КБИ – керектөө баа индекси

КЖК – капиталдын жетиштүүлүк коэффициенти

К3.1. – экономикалык ликвиддүүлүк ченеми

КР УСК – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

МКВ – мамлекеттик казына векселдери

МКО – мамлекеттик казына облигациялары

МФУ – микрофинансылык уюм

М2 – акча массасы

Мамфинкөзөмөл – Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы

Улуттук банк – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

ПРБО – мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчёт

ПКС – пакеттик клиринг системасы

РППУ – потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган резерв

ТСК – таза суммардык капитал

ФАО (FAO) – БУУнун Азык-түлүк айыл чарба уюму

ФКУ – финансы-кредит уюму

ЭВФ – эл аралык валюта фонду

ROA (Return on assets) – активдердин кирешелүүлүк коэффициенти

ROE (Return on equity) – өздүк капиталдын кирешелүүлүк коэффициенти

DTI (Debt-to-Income) – карыз алуучунун негизги жылдык кирешесине кредит берүү учурунда (негизги карыздын суммасын жана жарыяланган (билдирилген же декларацияланган) отчёттук мезгил ичиндеги төлөм пайыздарын кошо алганда) карыз алуучунун кредиттер боюнча төлөө суммасынын катышы

LTV (Loan-to-Value Ratio) – берилген кредиттердин көлөмүнүн күрөөлүк камсыздоонун наркына карата катышы

SWIFT (Society for Worldwide Interbank Financial Telecommunications) – маалыматтарды берүүнүн жана төлөмдөрдү өткөрүүнүн эл аралык банктар аралык системасы

МАЗМУНУ